ИСАБЕК ИСАКОВ

# ДЫЙКАН ЖАЗЫ



ИСАБЕК ИСАКОВ

# ДЫЙКАН ЖАЗЫ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1972

Бир кездерде жаңы уюшулган колхоздун кубатын чыңдоодо ак эмгегин арнап, өз салымын кошкон жөнөкөй дыйкан-сугатчынын уулу Зарылбек бүгүн ата кесибин улаган. Ал өз айлынын кадырлуу адамдарынын бири, он баланын атасы, колхоздун алдыңкы дыйкан-сугатчысы. Зарылбек иштеген колхоз дан эгиндеринен мол түшүмдөрдү алууда район гана эмес, Нарын областы боюнча алдыңкы оруңдардын бирин ээлеген. Кыргызстан КП Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл Туусу жана акчалай сыйлык алууга татыктуу болушкан. Мындай ийгиликтин жаралышына аз да болсо жөнөкөй дыйкан-сугатчынын уулу Зарылбектин кошкон салымы бар. Бул китепчеде ошол Зарылбек иштеген колхоздун алдыңкы дыйкандары, дан өстүрүүчүлөрү жана ата кесибин уланткан азамат уул жөнүндө баяндайт.

*Исабек Исаков*

ВЕСНА ДЕХКАНИНА

(на киргизском языке)

Редактор А. Өмурканов
Худ. ред. И. Бульба
Тех. ред. А. Бейшенов
Корректор Р. Шаманаева

Терүүгө 29/IV-1972-ж. берилди. Басууга 5/VII-1972-ж. кол коюлду. Д—02271. Кагазы типографская № 2, форматы 70×108¹/₃₂, 2,25 физ. басма табак, 3,15 шарттуу басма табак, 2,91 учеттук табак. Тиражы 3000. Заказ № 1149. Баасы 8 т.

720461, ГСП, Фрунзе, Кирг. ССР,
ул. Жигулевская, 102, Киргизполиграфкомбинат
Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР.

Күндүн жайкы аптабы денени куйкалап жиберүүчүдөй уламдан-улам ачуу тиет. Арык боюнда өскөн кашка беделердин, кара кыяк чөптөрдүн, гүлдүү чалкандардын, өтө жыттуу алиссум гүлдөрүнүн, жазгы тайдын дакы жүнүндөй аппак баш булалуу какымдын майда бутакчаларына, кызгылт-күрөң, саргыч, аппак гүл жалбыракчаларына коно калган бирин-экин чиркейлердин, жапайы аарылардын дыңылдаган үндөрү өзүнчө бир талаа «концертин» бергенсийт. Кумурска бел чымындардын, бал аарыларынын ийкемдүү канат кагып, безилдеп учкан көпөлөктөрдүн улам бир жерден экинчи орунга, улам бир гүлдөн экинчи гүлгө коно калышынан улам өсүмдүктөрдүн алар аркылуу кайчылаш чаңдашуулары эске түшөт. Алтын күндүн аптаптуу нурун өзүнүн көк-жашыл түспөл денесине сиңирген жашыл дүйнө — талаа өсүмдүктөрү жай ыракатына магдырагансыйт. Жер көркүн чыгарып кут килемин жайгансыйт. Талаа «концертин» коштоого алган сымак түркүн куштардын сайраган үнү улам асемдүү угулуп, теребелди кыяк күүсүнө термелткенсийт.

Тигинде, Байтел боюнун сол жак жээгинде билектерин карууларына чейин түрүнүп алып болот миз

чалгылар менен чөп чаап жаткан жигиттер. Сары башыл эрмен, беде, анда-санда заргын аралаш киши бою өскөн жашыл чөп жыты каңылжаарды жарат. Өзгөчө сары башыл эрмен жыты тамакты ачыштырат. Чөп чабыктан берки ойдуңчада кызыл-тазыл жоолуктарын желке чачтарын бастыра бир байлап, аппак билектерин жарк эттире түрүнүп, күмүштөнгөн чеке терлерин бирде алакандары, бирде кол жоолуктары менен шыпырып, колдорунда тырмооч, айрылары менен сол-сол тарта чабылган кургак өлөң чөптөрдү чөмөлө салуу менен алек болуп жаткан кыз-келиндердин арасында эки бетинин оту тамган, мөлтүр кара көз, каштары куш канатындай серпилген, жука эриндүү, сулууча келген Таттыбай да бар эле. Ал улам бир колун серепчилеп Байтел боюнда кырка тартып учкан каркыралар сымак каз-катар тизилишкен чалгычыларды карайт. «Күн түшкө жакындап калган экен. Бир аздан кийин эс алуу башталат. Тиги чалгычылардын шайдоот темпине караганда, ишке кызуу киришип калган көрүнөт. Кой, биздин кыздар звеносу артта калбасын. Жалкоолук кылбай иштейли... Дем алуу мезгили да келет».

Таттыбай мына ушундайча кобурады да колундагы бугу мүйүздөнүп, талдан жасалган жыгач айрысы менен боо-боо болуп чогулган кургак чөптөрдүн майда бүрүн какпай чебердеп сайып, асмандата көтөрүп чөмөлөлөйт.

— Э-эй келиндер, тездегиле, көлөкөгө жанбакты болбойлу!

Жаш келиндин бул демдүү үнү берки курбуларынын кайсы бир боорун жерден албаган иштермандарына унаса, кайсы бир бөйрөк таянган, көп сөздүү жалакайларына чагылгандай тиет.

— Ой, тигил оймок ооз сулуу эмнеге эле үнүн безейт, ыя?!

— Ударник-стахановчу болоюн деген ниети бар го. Ошон үчүн жулунуп жатпайбы.

— Болсо боло берсин... Жанды карч уруп эмне...

— Жок, Бүбү, «жанды карч уруп эмне» дегениң туура эмес, бул оюң ташка тийсин, жел менен кетсин. «Жаш келсе — ишке» деген кеп бар эмеспи.

Оң көзүнүн алдында буудай данындай болгон кара меңи бар Салый Бүбүнүн тескери оюна кошулбагандай, жүрөгүндөгү мелт-калт этип ташыган ак ниет тилегин билдиргендей, жыгач айрысын ийилте, чөптү балпайта көтөрүп бара жатып, шаңкылдаган үнүн бийик чыгарып, бак-бак этти.

Чөп чөмөлөлөө барган сайын кызый берди. Улам бир жерде үйүлгөн чөмөлө тээ алыстан караган адамга кадимки түзөңгө конуш алган, жайнаган боз үйлөрдү элестетет.

Бир тал чөп жерде калбасын!

— Мал тоюту көбүрөөк болсо, жазгы кош айдоо да жакшы өтмөкчү.

Чөмөлөчү кыз-келиндердин арасындагы өз ара бакылдашып сүйлөшкөндөрдүн арасынан жогоркудай сөздөр даана угулат.

Бир кезде түшкү дем алуу мезгили да башталды. Чөмөлөдө сербеңдеп иштеген эки келин дагы эле тыным албай, коюу чабылган солду аягына жеткирүү үчүн колдорундагы жыгач айрыларын өйдө-ылдый ойноктотуп, маңдай терлерин сууга чөмүлгөндөй шыпырышат. Анын бири жана Бүбүнүн кер какшык сөзүнө жооп иретинде намыстуу кыймылдаган Таттыбай эле. Ага көз отторун имере таштап, жылмая караган, кырдач мурун, келбет жүзүндө кызгылт нур ойноктогон Абдракман тамагын жасай тамашага чала, эркелете сөз катты.

— Оо, менин Татынам ушундай өжөр! Сүйүүгө да бек.

— Сүйүүгө бек үчүн сендей алтынына жетти да. Болбосо...

Мындан эки жыл мурда Таттыбайдын бой жетип жылдызданып турган чагында Алтын-Булак жайлоосунан аны ала качууну максат кылып, атайын уурданып келип жеталбай калган Көкөн сөз тизгинин какшыктуу таштады. Бирок муну жаш Абдракман көңүлүнө албай жаркылдап, жазы маңдайынан бакыт нуру чачырап, ак пейлин көлдөй толкута, бапырандады.

— Келгиле, замандаштар, ысыкта ооз кургап кетти көрүнөт. Менин Татынам[1] жасаган арпа талкан ачытмадан суусун кандырып алалы.

— Кана, эмесе Татынаңдын жасаган ачкылынан даам сызалычы...

Байтел боюна өскөн, барпагай бутактуу, көлөкөсү көңүл сергиткен чоң түп талдын түбүндө олтурган чалгычылардын, чөмөлөчүлөрдүн бүткүл ой-сезимдерин өзүнө бура, жашыл талааны жаңырта бакылдап сүйлөгөн Көкөндүн үнү өзгөчө угулду да Абдракмандын колундагы ышы жеткилең кызгылт чаначты колуна алды. Каруулулуу жигит чаначтын оозун мыкчый кармап, жарманы шарак-шарак эттире чайкады. Мындан соң чанач оозун оң колу менен түрө салды да шуулдап ачыган жарманын бурулдаган жытын искеп, жаак эттерин бүлкүлдөтүп кере-кере жутту. Чаначтагы ачымал заматтын ортосунда капортосуна түшө калды.

— Ой, Көкөн, «нысапсызга кашык салса беш ууртайт» болбо.

Чалгычылардын арасынан кимдир бирөөнүн үнү чаңк-чуңк эте Көкөнгө наааразы болгондой шар чыкты.

[1] Ал өмүрлүк жолдошу Таттыбайды ар дайым Татынам деп эркелетип айтчу.

— Баса десең... Көкөнгө чанач жетти дей бер, түп көтөрө шыңгытат да турат.

— Мурдаа күнү эс алууда олтурганда да ошондой болбодубу. Чынбы, Сатар?!

Көздөрү чанагынан чыга калчудай алайган, коюу каш, коңур мүнөз, шадылуу кол Сатарга Көкөндүн жанындагы илмийген арык чырай куба жигит башындагы киргил боз топусун оңдой кошоматтана тил катты. Анткен себеби, Сатар аны ар дайым курбу-курдаштарынын азил-тамашасынан коргоого алып «Илмигий» деп атагандардын жолуна бөгөт болуп тура калуучу адаты бар эле.

— Бул илмигий байкушка, оозуна эт, нан жетпей жүргөндүктөн ушундай дейсиңерби? Өзүнүн туулгандагы жердик сөөгүнөн да... жердик сөөгүнөн арык да! Аны айтасыңар, арык кишинин дени сак болуп, көпкө жашайт. Кара жумушка кабелтең келет.

Сатардын мындай коргоого ала сүйлөгөнүнөн улам алиги «илмигий» Дардаш эки жагын сыймыктана карап терең дем алып, көкүрөк көөдөнүн жая, башын койкойтуп, көздөрүн жайнатты.

Аңгыча көлөкөнү пааналап чөмөлөдө иштеп жүргөн Таты баштаган эки келин да күш-күш этип дем ала беркилердин тобуна келип кошулушту.

— Береги чоң түп жашыл талдын Шамен боюнда өсүп калышы — бул жерде иштегендер үчүн чыныгы ырахат болбодубу.

— Андай ырахат үчүн Абыкеңе ырахмат айтсак болот! — деди. Көкөн жазы маңдай Бүбүнүн ыраазы болуу сезимин коштоого алып:

— Кандайча, эмне себептен?!

Олтургандардын айрымдары тең жарыша үн козгоп Көкөнгө суроолуу карашты.

— Мындан беш жыл илгери Абдракман экөөбүз ушул Байтелге суу алып чыгып Боз-Такырды сугарып жаткан элек — деп, баштады Көкөн жашыл тал тарыхын ачык баян кыла,— Байтел үстүнө суу оңой менен чыкпай белендеген кулактарды улам жырып жеп кетип аябай убара болдук. Ошондо Абыкең жээрде чабдарга шып ыргып мине коюп, Аралды көздөй чапты да заматтын ортосунда октой түз кеткен аппак талдан сүйрөтүп келе калды.

— Мына эми, суу алган кулакты көрөйүн. Бир тамчы суу да текке кетпейт. Кайра-кайра кулак байлап убара болбойбуз!—деди Абыкең кырка казыктарды кулак байлоочу жерге тарсылдата уруп кагып жатып. Ошентип Байтелдин үстүндөгү алтымыш гектар аянт бат эле сугарылды. Суу бир да кулакты алып кеткен жок.

Абыкең ушул жоон түп тал өскөн жерге калемче жыгачты бутактарын жогору карата сайып, кертилген төбөсүнө күн өтүп кууратпагандай кылып коюу баткактан шыбап, тегерегин тикенектүү чырканак менен тосуп койду. Ошол жылы күздө бийиктиги бир жарым метрге жеткен кызгылт чырпыктар пайда болду· Ар жылы жаз жарышы башталган сайын ал чырпыктар Абыкеңдин көзөмөлүндө болуп олтуруп, акыры минтип саябалуу көйкөлгөн даракка—саябалуу көлөкөгө айланды.

Көкөн батыш тараптагы, Байтелдин боюндагы ар кайсы жерде сербейип бугу мүйүздөнүп ийри-муйру өскөн талдарды сол колун көтөрө сөөмөйү менен көрсөтүп аңгемесин андан ары улады.— Кыскасы, ушул Байтел боюнда өскөн жапайы талдар мындан беш жыл илгери Абыкең экөөбүз кулак байлаганда каккан казыктардан пайда болгон дарактар. Жарыктык, касиеттүү жерде көлкүлдөгөн эле береке тура. Чырпык

сайсаң чынарга айланып, эгин эксең кызыл кырманды тоо кылып кырдатып байлыгын төгөт тура!

— Ыя, Көкөн, сен баятан бери береги биз олтурган көлөкөлүү дарактын жөн-жайын айтып бердиң... Сенин аңгемеңе караганда бул көлөкөлүү даракта Абыкеңдин эмгеги өзгөчө баалуу экен. Демек, муну мындан ары «Абыкеңдин ак талы» деп атап койсок кандай дейсиң?!

Сатар оң колундагы ак кружкадагы баржактап шампандай көбүргөн таруу бозодон кере жутууга камданып оозуна жакындатып жатып, көзүн сүзүлтө салмактуу кобурады. Анын сөзүн башкаларга караганда ынтаа коюп уккан Көкөн Абдракманга ызат көрсөткөн сымак бажырая карап, алакандарын чапкылай жооп кайтарды.

— Ой, эң сонун акыл!

— Анда эмесе,— деди Сатар олтургандардын көңүлүн өзүнө бура, колундагы кружканы жогору көтөрүп,— мен колумдагы кесени «Абыкеңдин ак талы» деп аталыш үчүн, анын көлөкөсүндө биздин айылдын колхозчу улан-кыздары жайкы ысыкта серүүндөп олтуруп күч-кубатын арттырып дем алып, эмгекте кажыбас болушу үчүн ичемин!

Сатардын мындай каалоосун берки олтургандар да дуу көтөрө колдоого алып: «Болсун!... Болсун...» деген уу-чуу сөздөр жашыл талааны жаңыртып, оозу түрүлгөн саргыч кол чаначтан, калай челектерден, ак бетондордон, ар кандай көлөмдөгү кружкалардан кылкылдата уй кымыз, ачымал же жыты бур эткен ак баржак бозо көтөргөндөр көбөйө түштү·

— Ой Таттыбай, абышкаңдын ак талын куттуктап жууш керек!

— Баса десең!

— Ак тал түбүндө ак козу союп, бата алыш керек, Абдракман!

— Аны бир айтасыңбы же эки айтасыңбы?

— Эки жар бала-чакалуу болсун деп да бата беребиз?!

Түшкү эс алууда, салкын көлөкөдө сейилдеп олтургандардын көңүлдүү үндөрү аба жарып алыска-алыска угулду.

Татынын жанында олтурган Абдракман курбу-курдаштарынын мындай алкоолоруна эрип кетти көрүнөт, адатынча башын бир жагына кыйшайтып, күрүчтөй тиштерин жаркылдата жылмайып:

— Айланайындар, мынча айтып шылтоолоп калдыңар, силердин оюңардай болсун. Эртең так ушул маалда «Абыкеңдин ак талынын» жанында Таты экөөбүздүн колубуздан даам сызып, түштөнгүлө — деп, кең далысын сала сөөлөттүү сүйлөдү.

* * *

Эртеси да күн чайыттай ачык болуп, ысык илеп уруп турду. Бирок ишке кызуу киришкен колхозчулар аны тоото турган эмес. Тигинде чалгычылар бригадасы шымаланып иштеп, калың чий арасындагы кашка беделер, арыктын тескей бет тарабындагы бийик өскөн кара кыяктар, ойдуң бетин бербеген өлөң чөп аралаш жашыл камыштар устара кырып алган чачтай улам сол жакка аңтарылат. Ал эми арык жээктеричи... Арык жээктериндеги майда жашыл ыраңдар атайын боо-боо болуп жыйылган сымак бирине бири жабыша жыгылып аябай калың. Буга курч чалгы болмоюнча кыра чабыш кыйын. Көкөн атайы өлөң чөпкө өчөшкөнсүп чалгысын улам кайрап, жукалай тартып шилтейт... Ал чалгы шилтеген сайын улам бир жакка чайкалуусу

жайлап, кабырга жана көөдөн сөөктөрү чоюла, чыкый жаактары аркылуу мөлтүр тер төмөн карай куюлат. Кээде ал эмгекке бышыккан катыңкы, чор алаканы менен жүдөткөн терди шыпырып төмөн силкет да башындагы тер жыттанган топусун ала коюп желпинет. Бирок көп тыным албайт, ишине кызуу аралашат. «Көп тыныгып калуу — кыймылы кызып калган денебойду шалдыратып талыкшытат экен. Андан көрө кыймылдайын...» Ал өзүнчө ушинтип кобурайт. Сол жак чөнтөгүндөгү эки учу ичке, ортосу балык жондонгон кум кайрагын улам бир солдун башына чыккан сайын ала коюп, шарт-шарт эттирип куш канатынын кыймыл элесин бергендей ылдам кайрап, кайрадан чалгы шилтөөгө киришет, кайрадан кызуу кыймыл башталат. Күндөгү чогулуп иштеген чалгычылар бүгүн бириндеп-сериндеп берeги өңгүл-дөңгүл ойдуңда, бийик жарда, кара чий арасында жүрөт. Ар кимисинде Көкөндөй түйшүктөнүү. Ар кимисинде кайнаган намыс. Себеби, бүгүн алар өздөрүнүн убадалары боюнча Байтел боюн бүтүп, бийик Шамендин чөбүн чабууга барышмак. Анын үстүнө бүгүн түштө Абдракмандын козусу желмек. Тигинде «Абыкеңдин ак талынын» жанында көк түтүн жогору көтөрүлүп, таш тулганын үстүндөгү кара казанда эт бороктоп кайнап, анын жыты керимсел жел менен төмөн агылат. Түбү терең кара сузгу менен Таттыбай сорпо сапыруу менен алек. Бир кезде анын жанына мойнунан бери кызарып көл-шал терге баткан Абдракман келип калды.

— Татына, өзүмө бөлүнүп берилген жердин чөбүн биринчилерден болуп чаап бүтүп келип калдым.

— А башка жолдошторуңчу?

— Көкөн көк жигит эмеспи. Ал да бүтүп калды. Калгандарын билбейм.

Абдракман жаш келинчегинин карагаттай көздө-

рүнө өткүр карап, келишимдүү бой-денесин эми гана жактыргансып, эми гана көргөнсүп, сугу артыла түштү. Таты сорпону бир аз сапырып болуп өйдө болоюн дегенде кымча белине карылуу колу шак жармашып өзүнө тартты.

— Алтыным, бакыт жолун бирге басарым!

Ушундай жалыныч сөз толкуну аралаш Татынын кызгылт эриндери чоп-чоп этип өбүлүп, жүзүндө болор болбос күлүмсүрөө пайда болуп, ууртары чуңкурая түштү.

— Ой кантет, бүгүн көргөнсүп, кой, кишилер көрөт.— Татынын денеси дүрт этип, күйөөсүнүн ийининен түртө:

— Элге шылдың болбой тамак берели.

— Беребиз, берекем! Сени бүгүн аябай жакшы көрүп турам...

— А мурдачы?

— Мурда деле жакшы көрүүчүмүн. Бирок бүгүн өзгөчө...

Чатырап турган Татынын эки эмчеги кызгылт көк сатин көйнөгүнүн төшүн тиреп күйөөсүнүн эркелеткенинен улам ого бетер ажарланып, ого бетер сулуу болуп көрүндү.

Аңгыча чөмөлө салган кыз-келиндер да биринен сала бири шашып, түшкү дем алууга келип калышты. Таң эртеңден бери колдору айры, тырмоочто карыша, чекелеринен бермет терлерин агыза улам бир дөңсөөчө келген жерге үзүктөй балпайган, бирине бири ыктай кургаган көпшөк чөптөрдү көтөрүп келип, чөмөлөлөрдү жайнатып, эмгек көөрүн төккөн кайратман кыз-келиндердин арасында чалгыга машыккандар да жок эмес.

— Ыя, ботом, береги оопаздай ооналактап жаткан Абдракманбы? Чалгычымын деп эле чалкалап жатып

каласыңбы. Татыга кошулуп тамак даярдашпайсыңбы? А деле сенчилеп колхоз жумушунда. Аял теңдиги дегенди билесиңби, ыя?!

Ачык-айрым шакылдаган күмүш тиш, кээде эркекче сөгүнүп, жигиттер менен күрөшө кетчү адаты бар Шаарбүбү тигиге тийиштик кыла сөз катып, оң бутунан ылдый сүйрөй тартты. Бир аз чарчап, ысык илепке талыкшып жаны жер тарта калган Абдракман уйкусураган немедей Шаарбүбүнүн колунда маладай сүйрөлүп, көлдөлөң чөптөрдү жапырып арык кырына келип калды·

— Анча болду, сууга ыргыт!

— Ошент, көзү ачыла түшсүн!

Жаңы эле эс алууга келген келиндердин тобунан жогоркудай кыйкырыктар күлкү аралаш жаңырып, Шаарбүбүгө боор тарткандар жабалактап ээрчип алышты.

— Шаарбүбү дейм, сууга өзүң да кошо кетип шөмтүрөйсүң, шүк бол, байкуш!

Абдракмандын кытыгысы келгендей денеси жыйрылып жан талаша шашып, Шаарбүбүнү колдон шап алды.

— Шаке, Шаке, шөмтүрөгөн чылгый чаначтай болбой, элге түзүктөп тамак берейин.

— Кур намысты коюп, Татынын колуна кол, бутуна бут болосуңбу же жокпу, ыя?!

— Шаке, бардыгы сен айткандай болот, коё берсең?

— Болуптур эмесе...

Шаарбүбү энтиккен калыбында Абыкеңди коё берди. Ал шып тура калып күбүндү да дем алууга келгендерди үч эт табакка дайындап олтургузду. Таш кёмеге тараптан келген жаш эттин жыты олтургандардын мурдун өрдөп «табак алдыга бат эле келсе экен, курсак ачып кетти. Жумуштан кийинки тамак кандай

таттуу» дегендей бушайман болушат. Абдракман баягы даалдаган калыбында атайын түштөнүүгө келген меймандарына эскертет.

— Айланайындар, кечээ айрым жолдоштор шылтоолоп айтып калган соң, бүгүн бир козумду көтөрө чаптым. Колуңарды арыктагы сууга чайып жакшы олтуруп жегиле.

— Ой, Абыке, эчак эле жууганбыз.

— Табагыңды алып келе бер. Курсак деген аябай ачып турат.

— Коё тургулачы. Эң мурда бир чыныдан сорпо ичели.

— Ой туугандар, шашылбай табышмак айтыша туралычы.

Көкөн чын пейили менен табышмак айтышууга даяр тургандай срдунан козголуп көз айнек тагынган Сатарды карады да:

Кулактарга жармашып,
Көз менен көздү жандашып,
Минип алат мурунду,
Ким билет мындай буюмду?

деди.

Табышмактын жай маанисине адегенде анча түшүнө бербегендер кайрадан айтууну сураныштты. Көкөн табышмакты кайрадан айтты.

— Көкөн, бул табышмагыңдын жандырмагы чалгычы Сатардын көз айнеги го!

— Андай эмес, Абдракман!

— Жок, Сатардын көз айнегин айтып жатат.

Абдракман көк жалпак табактагы козунун башы бар булоолонгон этти Көкөн баш болуп олтурган жигиттердин алдына тартып жатып бак-бак этти.

— Таптың, Абыке! — деди Көкөн сакалдуу жышааны катары алдына устукандалган жанбашты алып жатып, сөзүн андан ары улап,—эми бир табышмак айтайын, баарыңар кулак салып угуп, жандырмагын тезирээк тапкылачы.

— Кана, айта бериңиз?

Таттуулугу балдай,
Аппактыгы кардай.

— Туздалган сүзмө! — деди четте олтурган келин Көкөндү тигиле карап.

— Ырас, сүзмөнүн өңү аппак, бирок ал таттуу эмес, кычкыл да!

— Кант!

— Кумшекер!

Бүбү менен Шаарбүбүнүн үнү жарыша чыкты.

— Туп туура табышты деп, жактырды Көкөн эки келиндин жандырмагын кубаттагандай.

Байтел боюнда иштеген № 3 бригаданын колхозчу жаштары башынан эле нускалуу, сөздөрдү чукуп тапканга маш, күлкү аралаш тамаша сөздөргө жакын, эмгектин эс алуу учурларында табышмактарды айтышып, алардын жандырмагын ойлонуу менен чечип, чаалыгып-чарчоону сезбей өздөрүнчө шаң кура күжүлдөмөй адаттары бар. Бул олтургандардын ичинде атагы алыска тараган, комузчу эне Касымбаладан үлгү алгандар, шайыр сөз көөрүн төккөндөр аз эмес, өткөн жумада Касымбала талаага комузун ала келип, далай дыйкандардын көңүлүн көтөргөн. Талаа дыйкандары азыр да ошол кандарына сиңген адаттарына кетишти. Ортодо шарактаган күлкү оту төгүлөт.

— Эмки табышмакты аялдар жаатынан мен айтып көрөйүнчү, эгер уруксаат болсо, — деди Шаарбүбү оозуна бир кесим жөргөмдү салып жатып.

— Ийе, ошентсең, шаңкылдагым!

Көкөндүн үнү бийик жана салмактуу чыкты. Шаарбүбү бир аз ойлонгондой өзүнчө басмырт боло түштү да сөз учугун алыска таштап, табышмагын ортого салды.

— Силердин башыңарды айланткан, биринчи табышмагым мындайча:

Бурамадан сабы бар,
Булгарыдан кабы бар.
Чатыр-Көлдөй көлү бар,
Чардап ичер эби бар.
Эртең менен болгондо
Сагалап ичер эли бар.

Эл айткандай тилинен чаң чыгып, бет ала келсе колунан иш келген, үнү аргендей чыккан ары макалчыл, айылдагы атыккан кошокчул Шаарбүбүнүн бул табышмагы олтургандардын ой-сезимдерин магниттей тартып, жеп жаткан тамактарынан бир аз алаксытууга мажбур кылды.

— Коё тургула, экинчи табышмагымды да кошо айтып таштайын. Жандырмагын чогуу айткыла.

Шаарбүбү оңдоно олтура, үнүн өзгөчө кооз жана жай чыгарып:

Чыктым чынар башына
Түштүм жеңем кашына.

деди.

— Оо, ойлонушуп көрөлүчү. Татаал табышмактар көрүнөт. Абдракман тизелей калып, колунда туурап жаткан этин оңдой кармап, боз жаак жазы макиси менен майдалап кыра туурады.

— Биринчи табышмагыңдын жообу саба жана кымыз.

— А экинчиси,— деди Шаарбүбү Көкөндүн экинчи жообун шаштыра күткөндөй.

— Чач.

— Жок, туура эмес.

— Жоолук.

— Жакындашып баратасың...

— Элечек! — деди Абдракман алиги табышмактын жообун чечмелей сүйлөп,— жеңе кашына чейин түшкөнү — башка оролгон ак элечек. Ал жеңенин (аялдын) кашына чейин оролуп жатпайбы.

— Абыкең оңой таап кетти. Мурда билген табышмагы болсо керек.

— Анда эмесе жаңысынан айткыла?!

Сатар сөзгө аралаша кетти.

— Уруксат берсеңер мен айтайынчы.

Абдракман туураган этин бүтүп, колун май жоолукка аарчыды да:

Бири кара, бири ак
Башкадан сыйлуу бул тамак...

деди.

— Ой Абыке, мунуңуз беш бармактын өзү го!

— Жок, таппай калдың.

— А куйрук-боор! Бири кара, бири ак деп жатпайсыңбы,— деди Сатар колундагы табакта тууралган куйрук-боорду Абдракманга сунуп жатып.— Мына табышмагыңдын жообу. Бирин кара, бирин ак кылып алып жибер.

Олтургандар дуу этип каткырып калышты.

Ошентип, бүгүнкү дасторкон бетинде береке ойноп, олтургандардын көңул кубанычтары эргүү күүсүндө болду. Эң акыркы батада:

— Эркек балалуу бол!

— Артыңда туяктарың өссүн!

ОБЛАСТ[illegible]
15748
НАР[illegible]
ЦЕНТР[illegible]
БИБЛИ[illegible]ТЕКА

— Үрөн-бутагың үзүлбөсүн!—деген каалоолор үстү-үстүнө жаңырып турду.

— Менин дагы бир каалярым бар—деп, бакылдады жаак терин аарчынган Көкөн жер жара бакылдап, тээтетиги алды тараптагы тегиз баш алган буудайды көрсөтүп,— ушул дыйкан талаа биздин балдарыбыздын байлык-кенчи, ата-баба мурасы болуп калсын. Анын ичинде Абыкеңдин келечек уулдары да бар эмеспи. Алардын да өмүрлөрү узун болуп, келечектин тиректери, албан эмгектин азамат жаратуучулары ушул дасторкон-талаада ойноп-күлүп жүрүшсүн.

— Оомийин...

— Айтканың келсин!

* * *

Ал кезде Карагодогу эл азыркыдай универсал трактор, комбайнды көрмөк гана турсун, атын да уга элек болучу. Жайкалып бышкан эгин кол менен—орок менен орулуп, же эки ат чегилген (чөп чабуучу) машина аркылуу чабылчу да кургаган кезде кол күчү менен бооланып, өгүз чегилген арабалар менен кырманга жеткирилчи. Бул жерде түшүм алуунун түйшүктүү эмгеги моло таш жүргүзүү, темин басуу, оор топонун алуу, жоруптоо, шамалды тилеп ышкырып сапыруу, айтор, далай аракеттер адам күчүн тилеп, кол кыймылдамайынча эч иш бүтүүчү эмес.

Мына, эртеден бери Абыкең баш болгон жигиттер, Салый шакылдак, Шаарбүбү баштаган кыз-келиндер кырманда иштеп темин басуу менен алек.

— Болгула, айланайындар, түштөн кийин аркыраган шамал жүрүп берчүдөй болуп калды. Ага чейин моло таш менен кырманды эки жолу жаңыртып, эки жолу оор топондой салалы.

Абдракман беркилерге күч-кайрат бергендей өзү дагы шердене иштеп, салмагы коргошундай болгон сары мурут буудайдын үймөгүнөн ар бир барганда төрт боодон эки жагына көтөрүп келип, ордо чийининдей болгон кырманга улам бирден силкип таштап, тарс үзүлгөн, бириндеген мыя жабышкан чий боолукту ала коюп кырман четиндеги дөңгөлөкчө болуп чырмалыша чогулган боолуктардын үстүнө таштайт. Бала кезинде бай дунгандарда малай болуп дыйканчылыктын толуп жаткан түйшүгүнө баткан, кырктын кырынан өтүп калган Ысабай тигил жаш жигит Абыкеңдин чаалыкпас мүнөзүнө ыраазы болуп: «Жаш келсе ишке» дегендей өз ичинен күбүрөй башы кере карыш, алтын мурут боо-боо буудайларды кырман бетине жукалай тартып жаят да теминге даярдалган, балык жон жылкылардын шар суудан тезирээк сугарылып келишин эскерет.

— Оо, Имаке, теминге түшкөн унааларды ылдам сугарып келе сал. Баятан бери жашаң беде аралаш жем жеген немелер каны катып суусап калышты го... Суу ичкенден кийин бир аз тыныкпаса жеген жем буттарына түшүп кетет..

— Ай, алтын тиш жеңе,— деп кыйкырат Салый, Бүбүнүн бир аз тыныга калганын жактырбагандай,— темин токтобосун, муздак жармадан жутуп ала коюп ишке аралаш. Чогуу эс аларбыз.

— Алда такылдагым ай, бүгүн өзгөчө эле күжүрмөн болуп кеткенсиң го...

— Анан кантем күчүм ташып турса... Таттыбай төрөрүнө жакындап отуруп калгандан бери аябай жалгызсырап жүрөм.

— Аның да ырас, байкуш. Деги экөөңөр аябай ынак элеңер.

Алтын тиш Бүбү Салыйдын эбиреп тийиштик кыл-

ганына анча терикпейт. Теңтуш каадасынча бири-бирин тамашалашып түртүшө, салмагы оор болгон боолангаи буудайларды темин ордосун көздөй ыргытып, кырман үстүндөгү күлкү аралаш үндөр жаңырат.

Бир кезде темин басууга коштолгон аттар да келди. Жээрдени жетелей, узун шапалагын үйрө кармаган Имаке ичке кирди да, тегерек жайылган буудайларды шагырата басып өтүп, каз-катар тизилген азоолорду жулкунтуп айдады. Теминге салынган буудайдын тоскок чаңын асманга көтөрүп, саман жыты бур этет.

Чоң кырмандын экинчи бир аймагында эки моло ташка эки ат чегип жаңыдан чачылган арпаны бастырууга даярдап жаткан Абдракман арык жээгинде тепейип олтургн Абылга мындай деди:

— Келегой, бүгүн да моло таштын атына мине салчы. Кечке дейре береги калган үймөк арпаны кызылдап жиберели.

— Аный, бая күнү моло ташыңа минем деп куйругум аябай жооруп басалбай калгам. Минбейм, экинчи моло ташыңа.

Чоң чөнтөгүндөгү бир үзүм каткан нанын алып кемирип олтурган кичинекей Абылдан бул жоопту уккан Абдракман бир нерсе айтайын дегиче болбой Имакенин кыйкырыгын угуп калды.

— Ой, Абыке, энчилеп алган балаң болсо да шүк койчу Абыланы. Колхозуңда жанымды карч уруп менин иштегеним деле жетишээр.

— Ыя, кудай-таала, баланын үйрөнгөнүнө жакшы эмеспи.

— Үйрөнбөй эле койсун. Балтыр эти тололек немени жүдөтүп...

Имаке желкесин кашый уулун көздөй баратып өзүнчө күңкүлдөдү.

— Баласы жоктор баланын кадырын да билбейт окшойт.

Бул сөздү угуп калган Абдракман таяк менен тизеге чаптыргандай олтура калды.

«Ыя кудай, мага ушул убакка чейин баладан неге айтпадың... Таты экөөбүз атыбызга тепейтип өңөрүп, жумуш иштеген жерге да алып келип турбайт белек. Береги моло ташка да мингизип, колхоз ишине кол кабыш кылдырып, чыйрак өстүрүп Абыла, Мукай сыяктуу ата-энелердин кичинекей жардамчысы болсо эмне деген ырахат, эмне деген бакыт болмок эле! Эх, кудай-таала ай, кээде ушинтип зарлаганга бербейсиңби, бала деген зарды укпайсыңбы...

Баласыз куу баш дедиртесиң...»

Абдракман буларды өз ичинен айтарын айтып алып, өзүнөн-өзү башы айлангансып, моло ташка кимди мингизерин билбей деңгиреди. Имакенин жанагы жыландуу сөзүн улам эстеп, денеси муздап суу сепкендей чыйрыга түштү, кара бешмантын чече койду да моло ташка карагердин белин ийилте өзү минди. Анан ачуусу келгендей аттын такымына жылан боор камчысы менен удаа-удаа басып алды да ыкчам-ыкчам теминип, артындагы моло ташты дүк-дүк эттирип чимирик айлантты. Арадан жарым саат өтпөй карагердин оозунан ак көбүк буркулдап, жонунан тер куюлуп улам-улам бышкырып, жаны ачыган немедей кулагын жапыра темин тегерекчесин желе айланат. Мына ушул ак буудайды, дыйкан жазын сагынычтуу күткөн Ысабай ата, Абдракман ж. б. өстүрүшкөн. Кара сугат, дан сугаттарын өз убагында ойдогудай өткөрүшкөн. Мына эми түшүмүн да өз колдору менен жыйнап алмакчы.

— Абыке, чоң кишинин моло ташка мингени уят экен, жеңилирээк мага эле берсеңиз.

Кырманга уста атасын ээрчип, баятан бери моло таштын дүкө-дүк этип айланган кыймылын, карагердин моло ташты күч менен сүйрөгөнүн көрүп аны кереметтей сезген Мукайдын кырманга келиши биринчи эле. Мурда жылкылар менен темин баскандарды көрүп жүрүүчү. Өздөрүнүн огородуна айдалган эки теше арпаны оруп-жыйып кырманга алып келип теминин басууда Мукай өзү да кол кабыш кылып, темин айдап эмгекке аралашкан, темин сырын үйрөнгөн, «Оп майда» ырын эчен ирет созолонткон. Бирок моло ташты жолуктура элек болучу.

Моло таш — ал үчүн табышмактуу буюмдай, керемет сырдай туюлду. Ал моло таш атына минер замат ээрдин кашын бек кармап желдире бастырып, бирде артын кылчак-кылчак карап, моло таштын кыймылына көз отун таштайт. Атка мингенине куштарланат. Карагердин үстүндө өзүн көпөлөктөй жеңил сезген Мукай бир кезде «Мени дайым эле моло ташка мингизсе... Чоң кишилер сыяктуу чоң иштерди аткарсам, кызыл сапырышсам, анан Абдракман абамдай бат эле муруттуу жигит болуп калсам...» — деген сыяктуу таттуу кыялдардын эргүүсүнө урунат. Атка минүүнү аябай жактырган анча бышыга элек кичинекей Мукайдын элпектигине Абдракмандын ичи жылып, мындан мурдагы Имакенин тартыша сүйлөгөн суук сөздөрүн унутуп, саргыч өңүнө кызыл чуркап, мурдагы адатынча жаркылдап, арпа үймөгүндө сайылып аткан үч илик жыгач айрыны ийнине салып, элпек Мукайдын моло ташына жакындап келди да улам бир жерди сайып оор топондоп кирди. Бирде кичинекей Мукайга жалынат.

— Кагылайын элпегим, калың элде «Жашымда бергин мээнетти, карыганда бергин дөөлөттү» деген кеп бар. Жашыңдан мээнеткеч өсүп, абийирдүү бол.

Азыркыдай элпектигиңден жанба... Бул жигиттик сапат! — деди Абдракман Мукайга аны каадалуу кишилердей көрүп, чын жүрөктөн чыккан агалык акыл-насаатын айтып, жалынып-жалбара. Жаңы уюшулуп жаткан колхоз да жетилет. Айлыбыздагы кайсы бир терс мүнөз адамдарыбыздын түшүнүгү да өсүп колхоз кадырын, ак эмгек ырахатын сезе билет.

Абдракмандын колундагы жыгач айрысы элпек кыймылдайт. Моло таш жанчып майдалаган самандарды улам үстүртөн кайып экчелеп алат да четте жаткан саман кырын көздөй ыргытат. Аңгыча анын жанына колун аркасына ала Имаке басып келди:

— Абыкем, менин жанагы сөзүмө теригип таарынып калгансың го...

Абдракман чимирик айланган моло таштан буйтай, иргеп бараткан саманын сыртка ыргытып жатып сөзгө аралашты.

— Имаке, ушуну менен менин көңүлүмдү эки жолу суу сепкендей калтырдың. Эски жараатымды ырбата сөз айттың.

Имаке өңгөчүн анткорлоно тартып, жасалма жылмайып, Абдракмандын колундагы айрыны алууга аракет жасады.

— Ой, чын эле таарынып калгансың го... Келчи, ачык сүйлөшөлү. Айрыңды мага берип, бир азга тыным ала турчу.

— Тыным албайм, колхоз жумушу токтобосо дейм.

— Жок, Абыке, таарынычыңды ачык айтчы. Ичке кир сактабайлы да!

— Билесиңби, баягы жылдардагы азыркы ортолоштурулган жылкыларды. Ошондо менин жана Таттыбайдын бой салтандыгына, баласыз куу баш экенибизге жетип «Машаяк болсоңор, бой салтандардын

малын алгыла. Мисалы, Абдракмандын тору бээсин эмне үчүн алууга болбойт» — деп ак жүрөк болуп акчылана сүйлөгөнүң көңүлдүн төрүндө, жүрөктүн тереңинде.

— Ой жолуң болгур десе. Сени мынча майда таарынчаак жигит деп ойлогон эмес элем. Көрсө ичиңден тап болуп, анча-мынча сөздү көңүлгө алып калган турбайсыңбы?

Имаке менен Абдракман өз таарынчыларын бирибирине бакылдаша айтып, айып Имаке тарабына оогондой, ал өзү орой, байкабастыгын мойнуна алгандай кыжалатка түшө калган учурда Байтелдин төмөнкү боюнан кара жал тору айгыры менен чаң ызгытып, этек-жеңин делбектетип чаап келаткан Алиястын карааны көрүндү. Кырмандагылардын айрымдары колдорун серепчилеп төмөнкү өрөөндү тик багып карашып, өз алдыларынча кобурашат.

— Ыя, Көкө, тигинин чаң ызгытып чапканына караганда бир мандем бар го дейм...

— Бозого чоң тоюп, ичин кызытып алып, эмне кылар айласын таппай, торунун оозун коё берген да!

— Деги мунуң соо эмес... Арыкты арык билбей, узун жолду кыскартып аңызга салды.

— Айланайын кудай, үй-бүлөбүз эсен болсо экен. Эмне деген кабарды айтканы келатат.

Үйүндө оорулуу синдиси бар Бүбүш өң түрүн өзгөртүп, өзүнчө күйпөлөктөп, кабагын түйө, үнү дирилдей капалуу кобурады.

— Кудай сактасын, койчу, жамандыкка жорубай.

Теминдин бакалын иргеп жаткан Салый Бүбүнүн шектенүүсүн жооткото, үнүн бийик чыгарып ага дем бергенсиди. Буга Бүбүнүн көңүлү жайлана калды. Жал, куйругу соккон желге шоодураган, таштуу жерлерде туяктарынан от чагылып, боз чаң асманга бур

эткен жээрде арымын улам кенен таштап түйүлүп учуп келүүдө. Мына кырманчыларга тамак жасап берүүчү Иса олтурган боз үйдүн тушуна да келди. Ал жерге да токтогон жок. Исанын карала ити торунун артынан шукшурулуп кууп жөнөдү. Бирок канчалык аракет кылса да жетпеген соң, абалап үрүп кала берди. Алияс кырманга да жетип келди. Аны кырмандагылар кулак түрө карап калышты. Алияс болсо кызып калган торунун тизгинин тарта үн жок, сөз жок моло ташка салынган буудайды оор топондоп жаткан Абдракманды урдуруп кетчүдөй жандап барды да, жаңыдан жасатып кийген күрөң тукаба калпагын башынан алып өттү.

— Ой, мунуңар жинди болуп калган го...

— Деги дени соо эмес болсо керек...

— Тынчтанып тургулачы, айта турган сөзү бар го.

Мындай кобурлар ар кимден чыгып оозддорун жыйгыча, демин басалбай энтигип, ооздугун кемирип, башын чулгаган торунун төрт аягын тыбырата тизгин тартып, өзү да күшүлдөп толкундай түшкөн Алияс Абдракманды демите:

— Кана, Абыке, сүйүнчүмдү чоң бериңиз. Татыңыз аман-эсен көз жарып эркек төрөдү, Эркек!.. — деди, аяккы сөздөрүн бийик жана шаңдуу чыгарып.

— Айланайын ак жолтоюм. Сүйүнчүңө бир ирик! — деди Абдракман чогулган элди карап,— айланайын эл журт, мен уулдуу болуптурмун, уулдуу — деп сүйүнгөнүнөн эмне кыларын билбей колдорун силкип-силкип алып, ат үстүндө турган Алиясты торудан эңшере тартып, бетинен чопулдатып өптү.

«Баласы жок бой-салтаңдар» деп аталып жүргөн Таты менен Абыкең зарлап-күткөн, эчен жылдар тилек кылган баласына айыл апасын чакырып колдорунан келишинче той өткөрүшүп, атын Зарыл деп

коюшту. Тойго келишкен жакшы санаалаштарынын бир даары:

— Таттыбай, боосу бек болсун, эсен чоңойсо деген тилегибиз бар. Ошондуктан, Зарылга «бек» деген сөздү кошуп коёлу! — деп чуулдашкан.

...Ошентип, Абыкеңдин уулу Зарылбек торолуп калды. Колхоз да бир топ ирденип дыйканчылык ишин анча өздөштүрө элек болсо да, арпа, буудай сулудан түзүк түшүмгө ээ болушту. Менчик малдын көпчүлүгү ортолошкон төрт түлүк малдын өсүшү да аз эле убакыттын ичинде өрүш алды.

Абдракман колхоз чарбасынын бардык иштерине катышчу болду. Көбүнчө сугатчылык иш анын кадырбаркын асманга көтөрдү. Мындан тышкары чөп чабуу, малга тоют камдоо, эгин оруп-жыюу, кырман бастыруу, араба айдап, мамлекетке эгин төгүү, Ысабай ата менен бирдикте чөп-саман үймөктөө, кышкысын болсо ат багуу, кыскасы далай универсал жумуштарды шат жүздүү, бирок, бир орунда туралбаган алабарман мүнөз Абдракман чаалыкпай аткаруучу болду. Арадан айлар, жылдар өтүп мезгил сапары учкан сайын Абдракмандын кичинекей ымыркайы да чоңойду. Бал тили чыгып, ата-эне эрмеги болуп үй кутуна, үй кубанычына айланды.

— Атаке ай?..

— Эмне, айланайын каралдым.

— Мына бу аппак чийлерди балдай эмнеге өйтөйт.

— Алар тентек балдар турбайбы.

— Мен тентек эмесмин, ээ.

— Ооба, сен жакшы баласың. Колуңа ширенке албай жүр. Чийлерди, чөптөрдү максатсыз эле өрттөбөй жүр.

— Мен өйтөбөйм,— деп башын чайкады Зарыл.

Ушул сүйлөшүүдөн улам Абдракмандын оюна өт-

көн жылдагы, коңур күздөгү, Көк-Сайдын этегинде саргайып калган тоо тулаңында чыккан өрт эсине түшө калды. Анда Абдракман Кыргоо тараптагы таанышынныкынан саан үчүн күрөң уюн, музоосу менен айдап келаткан эле. Ал Кыргоодон кеч чыккандыктан, Көк-Сайдын этегине келгенде күн батып каш карара баштады. Бир кезде боз адырдын коктусунан көтөрүлүп кырга чыга бергенде анын каңылжарын кандайдыр бир түтүн жыты өрдөдү. «Бул жерде моңолдор айылы боло турган эле. Ошолордун боз үйлөрүнөн чыккан түтүндүн жыты го». Ал өз ичинен ушундайча кобуради да кер кашканы жүткүнтө бастырып, сары жез үзөңгүнү чирене тээп, оң тарабын имериле караса Көк-Сайдын этегинен жыландай ийрилген кызыл жалын улам бир жерден соймоңдоп жалт-жулт этет. Абдракман аны көрүп ичи түтүп туралабы «Кооз табийгатты кор кылган биреөлөр кууураган өлөң чөпкө өрт коюп кеткен го, кой, барып өчүрө кетейин. Таң атканча күйүп олтурса, биздин колхоздун мал жайыты аз да болсо коромжуга учурап, бутка оролгон адыр чөптөрү күлгө айланып калат».

Абдракман күрөң уйду музоосу менен тыныгып турсун дегендей чийге аркандай салды да кер кашканын тизгинин жогору буруп, өрүштү көздөй жулкунта чыкты. «Пай-пай — деди ал, тоонун кыртыш байлаган далай чөбүнүн дымып, өрткө айланып жатканына ичи бышып, башын чайкап — а балким бул өрт бир жумага билинбей созулса, Көк-Сайдын ичи көө сүртүнүп калмак тура! Эмне менен өчүрсөм, суу себейин десем чака жок, булак алыс, топурак ыргытайын десем кыртыштуу адыр, топурак гана эмес, бүдүр таштары да учурабайт, бетегелүү чөп».

Ал атынан шып түшө калып кер кашканы чидери менен тушап, үстүнө кийген, жең учтарынын айрым

жерлери жыртылып эски кебези көрүнүп калган кара шырмасын чече салып, аны менен жалын учкундарын жалп өчүрүп койгулап кирди. Тээ бир оокумда көлшал терге түшкөн Абдракман өрттү өчүрдү. Ошол убакта өрт өчүрүү үчүн эски кара шырмасы менен жерди койгулап жаткан Абдракманды бирөө көрсө, «Ой, бул жинди болуп калса керек» деген ойго да келмек.

Абдракман үйүнө келип өрт жөнүндө ооз ачкан эмес. Бирок аялы Таты анын күйүк жана ыш болуп бүткөн эски шырмасын көрүп:

— Ыя, ботом, мунуң эмне деген шумдук? — деп таңыркаган.

— Ээ, Татыш, шырмал өзү деле жыртылып калды эле. Бирок ал чоң ишке жарады. Колхоз малынын жайытын өрткө кетирбей ушул кара шырмал өчүрдү — деп ыш, көө болгон жүзүн самындап жуунуп жатып түшүндүргөн Абдракман.

Кер кашкага уулун өңөрүп, жогорудагы өрт тууралуу бир аз ойлонуп баратып, ушул Карагого орус туугандарынын алдыңкы жумушчу өкүлү, дыйканчылык ишин мыкты билген багбан, ары колунан көөр төгүлгөн темир жана жыгач уста, колхоз айлынын борбордук чоң көчөлөрүнүн бирине бир формада эки чоң терезелери түштүк тарапты караган, асты-үстү тактайланган тамдарды салууга көп күч жумшап, демилгечи болгон, кыргыздарга каны-жаны аралашып достук мээримин сунган коңур мүнөз, узун бойлуу, сары мурутчан Календик кезигип калды. Ал Абдракмандын уулун эркелете учурашты.

— Ассолом алейкум, кичине мырза?

— Алекума ассалам, Календик мырза,— деди, Абдракман уулунун көздөрүн алактата, бир аз чочуркап салам айтуудан жазганганын байкагандан ки-

йин,— уулумдун ордуна мен эле салам айтып коёюн.

— Кел, мага келчи, айланайын — деп, Календик баланы өзүнө тартты. Бирок Зарыл ыйлап жиберүүчүдөй кызарып-татарып Абдракмандын бооруна ык салып бүрүшө калды. Абдракман бак-бак этип сөзгө аралашты.

— А, күчүк десе, ал атаң. Орус деп чочуркабай эле кой, Майрык чоң атаңдан артык адам, мээримдүү адам. Жанагы биздин үйдүн тушундагы жолдун оң, сол жак өйүзүндөгү жакшынакай бир кылка тамдарды ушул атаң салдырган. Биздин үйдөгү Таты апаң жарма жасап жүргөн күрөң түспөл жыгач челек, идиш-аяктар коюлуп турган стол ушул Календик атаңдын колунан чыккан.

— Ээ, Абыке, куда каалаcа ушул Караго айлынын өз кулуну, өз уулу болуп калбадымбы. Кээде тааныштардыкына кирип бакылдашып албасам башым ооруп кетет.

Быягы Жаңы-Жол, Алтын-Булак тигил кара тоо түбүндөгү совхоз, жогору жагы Жон-Арык — баарынын көзүнө менин урук-журтум, бала-бакырам тааныш. Жогоруда аты аталган айылдын кайсы бир адамдарынын эшиктерин, терезе кашектерин жасап бергендигимди алар унутпас. Мындай чыксам эле: «Оо, Календик аксакал келип калган турбайбы. Кириңиз, даам ооз тийиңиз, жарма ичиңиз» — деп жан алы калбаган, өзүңө окшогон барбалактаган кыргыздарды көргөнүмдө даамын татып, жүрөгүм ыраазы болуп калат.

Аларды бир туугандай көрүп, көңүлүм жылып, жаным эрип турат, Абыке.

— Сени орус деп бөлгөн киши өз күнүн көрбөй калсын. Ушул теңдик заманында ынтымактуу болуп,

бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып достукта иштебесек, бакыт-таалайды кайсы белен «бейиштен» сузуп алмак элек. Баса, аксакал, (Календикти кээде Абдракман ушинтип атачу) менин баягы селканын (сеялканын деген мааниде) эски дискасынан сиз жасап берген кетмен кудай ургандай курч эле. Ал дыйкан колунда далай жыл жүрүп, эскилиги жетип кетилип отуруп, унгусу эле калды. Дагы бир эски диска таап койдум эле. Ошондон ата баласына эстелик болгондой жалтылдаган кетмен жасап бербесең болбой калды. Мына бул кичинекей туягым да келечекте урунсун...

— О, кокуй ой. Мен сенин айтканыңдан качан баш тартчу элем. Айтканыңды орундатайын, Абыке. Кечке маал эски дисканды көтөрүп алып, устаканага келе гой. Анда Ыскак уста экөөбүз болобуз.

Алар бири-бири менен баш ийкешип кош айтышты. Абдракман кер кашканы темине бастырып уулу экөө Карагонун борборуна келип, болгон базарлыгын алышты да кайрадан үйлөрүнө кайтышты. Календиктин үйүнүн тушуна келгенде: «Атаганат, Календик тууган кезигип калса, береги кант, чайдан бере кетсем» — деп берешеленди. Бирок, Календик кезиккен жок. Кер кашка башын жерге сала, жай гана илкип баратты. Абдракман терең ойго баткан. Дыйканчылыктын өткөн бир жаз айында Календик менен болгон бир окуя анын эсине кылт этип түшө калды. Кээде ал ошолорду ойлоп өзүнчө жылмаят.

... Жаз кылтыйып жер бетинде көктөм жыты буркурап дыйканчылыктын бермет тер төккөн эмгеги өкүм сүрүп калган мезгил. Мына ушундай көктөмдө тигил Кара—Тоо этегиндеги совхоздун күңгөйлүү бетинин 20 гектардай аянтына таруу себүү керек эле. Эчен замандар бою айдалбай жаткан кум кайрак дың жер

көлкүлдөтө сугарылып, биринчи бороз салынып, айдоо бети күн нуруна жалт-жулт этип деңиздеги майда толкундардын кыймылын элестетет. Эми айдоо аянты кургай электе тезинен тукум сээп, нымдуу калыбында тезинен малалоо керек.

— Тукум сепкич Бешикбай кайда жүрөт болду экен?

— Ой, ал таруу тукумун бул Караго өрөөнүнө сеппеймин деп болбой коюптур.

— Эмне үчүн, ботом?!

— Таруу сепкен киши кырк күнгө жетпей эле өлүп калат имиш. Ошон үчүн Бешикбай «башымды кесип таштасаңар да таруу сеппеймин» деп үйүнө жатып алыптыр дешет.

Совхоз уюшулгандын алгачкы жылдарында таруу себүү, андан мол түшүм алуу жөнүндө маселе көтөрүлүп, максат жүзөгө аша баштаганда жогоркудай ушак-айыңдын чыгышы бекер жеринен эмес эле. Чындыгында эле адегенде Алтын-Булактын оюна биринчилерден болуп таруу сепкен бир дыйкан кырк күнгө жетпей өз ажалынан каза таап калган. Айылдагылар аны «кара жолтой» болгон таруууга жорушуп, адам баласы жаралганы бул касиеттүү өрөөнгө таруу себилбептир. Ал жаккан кишиге жакпаса, тетирисинен алганга чоң зыян алып келет... Таруусу жок эле жан сактайбыз» деген сөз желдей тарап, кайсы бир өз ишин сүйгөн дыйкандардын жүрөгүнүн үшүн алган эле. Ошол себептен Бешикбай да таруу себүүдөн баш тартып моюн толгогон. Аны көрүп башка дыйкандар да жаа бою качышкан. Бул окуяны уккан Календик каткырып күлүп «өлсөм мен өлүп калармын. Таруунарды мен эле сээп берейин» — деп 20 гектар жердин нымын кетирбей, коркпой-этпей эле үрөндү сээп берген. Таруу жайкалып өсүп күз айында мол түшүм

алынган. Календикти болсо «Мына өлөт, ана өлөт» дегендер кырк күндү улам саноодон өткөрүшүп, акыры беш айдын жүзү өткөндө Календиктин тирүү эле шайдоот иштеп жүргөнүн көрүп:

— Болбогон эле баш айлантма ушак турбайбы. Тарууну Караго өрөөнүнүн бардык жеринде эле айдай бериш керек,— деген бүтүмгө келишкен.

Баятан бери жогорудагы окуялар Абыкеңдин көз алдынан шурудай тизмектешип өтүп жатты. Анан ал өзүнчө кобурады. «Ушул байкуш Календиктин элпектик мүнөзү жүрөгүңдү ээритип, астына нанымды, ичээрге чайымды бергиче шашуучу болдум. Албетте, бул жаман жөрөлгө эмес. Жакшылыктын, туугандыктын, ак ниеттүүлүктүн белгиси деп эсептейм. А киши менен сүйлөшкөн адамдын кумар-чери жазылып, керемети күч болгон бир далай орус тилин да үйрөнүп алып жүрөт. Ал эми дыйканчылыктын мыкты үлгүсүн: жер иштетүүнү, бак-шак тигүүнү, татынакай там курууну, тактайдан керебет, үстөл жасоону ушу Календик достон үйрөнбөгөндө куу чокубуздан үйрөндүкпү?! Эмнеси болсо да береги касиеттүү Караго жерине сары сакал Календикти кудай бекеринен айдап келбесе керек...»

Абыкеңдин уулу Зарыл атасынын алдында көшүлүңкү тартып уйкуда баратып жогорудагы кобураган ата сөздөрүн уккан жок. Бирок, Абыкең Календик жөнүндө уулуна аңгеме айтып бараткансып, өз ичинен кобураганына өзү ыраазы.

Арадан бир саат өтпөй Календик менен Ыскак уста жасап берген ортосу оюк көк миз кетмен да даяр болду. Аны жан досундай колтугуна кысып үйүнө алып келген Абдракман жылмайыңкы мүнөз менен:

— Эртең бул жаңы кетмен менен тоңдурма сугатына биринчи чыгамын! — деди жагалданып.

фашизм
тыр.

Өткөн күздөгү Абдракмандын тоңдурма сугарган 50 гектардай жерине биринчи бороз салып буудай себилди.

— Айланайындар — деди колдорун жая алдыга суурулган Абдракман үрөн сепкен Ысабай менен Имакенин жанына келип үнүн көтөрүңкү таштап — эр эмгегин жер жебейт деген чын экен. Бул касиеттүү жерге эмнени эксең, акыбетиңди кайтарат тура, чиркин. Мына, өткөн жылы биздин бригада тигил Байтел боюндагы 142,8 гектар аянттагы жердин ар гектарынан 20,8 центнерден буудай түшүмүн алдык. Өткөн жылы өзүңүз, мен, Көкөн болуп сары кыр кылып жыйнаган чөп эмдигиче түгөнбөстөн уй сарай үстүндө заңкайып турат. Ошентип малыбызга да жем, чөп жетиштүү, арбын. Кардыбыз ток, кайгыбыз жок. Бир гана — билекти түрүп иштөө, эч чаалыкпай эмгек кылуу, турмушту жакшыртуу бизди күтүп тургансыйт.

— Ийе, дыйканчылыктын быйылкы жазы да жаман эмес. Береги өзүң тоңдурма кылып сугарган жерди жаңыдан которуштуруп айдап жатабыз. Кудай кааласа ак буудай калаган чийдей тирелеби деп турам.

Салмактуу кобураган Ысабайдын үнү берки отургандарды да шердентип жибергенсиди. Алар жабыла тура калып азыр эле айдалып бүткөн айдоо аянтына мелмилдеген кенен талаага, берекеси дасторкон окшоп төгүлгөн мейкиндиктерге көз чаптырышты. Алардын жанында кичинекей Зарыл да бар эле. Ал дагы аталарын туурап, тээ алыс жактарга көз отун таштады.

— Менин уулум өзүмдү тарткан жөнөкөй дыйкан болсо дейм. Мен ага ишенем. Ошон үчүн ар дайым өзүм менен кошо ээрчип жүрөт. Колхоз талаасына бирге келет, өзүнө чак кетмен да жасатып бердим.

— А балким, уулуң илим артынан түшкөн чоң

окумуштуу болуп калсачы — деди Имаке Абдракмандын сөзүн бөлүп.

— Андай болсо бардыгыбыз үчүн сыймык эмеспи!

Абдракман уулун ажарлуу карап, анын келечегинен чоң үмүткөр болуу сыры байкалып турду.

— Ээй, Абыке «Карындагы баланын кан болорун ким белет, бешиктеги баланын бек болорун ким билет» — деген кеп бар эмеспи. Иши кылып уулуң кайсы кесиптин ээси болсо да чыныгы ата баласы болуп, эсен чоңойгону дурус.

Абыкең бул сөздөн улам өз ичинен тобо келтирип, баласынын өмүрүн тилеп «чын эле, тирүү жүрсө болду, ата туягы болуп жүрсө болду. А дыйкан болсо, жаман бекен, эң сонун...» — деди уулун ата кесибин улап кетүүсүн өзгөчө жактырып.

Кичинекей Зарыл атасы жумушка жөнөсө аны ар дайым ээрчип алуучу. Бүгүн да ал атасынын жанында. Жазгы каникулга тарагандыктан, зеригип үйдө олтура бербей, жазгы дыйканчылык иштерди байкап үйрөнсүнчү, бул да турмуш эмеспи — деп, атасы атайын ала келген. Зарыл айдоо аянтында тим олтура бербейт, топ-тобу менен ар кайсы жерде чыйрылыктап коно калган кара чыйырчыктарды чалма менен ургулап ойнойт. Кээде «Кайырмак салам, балык кармайм, ата — деп, консерва салынган калай челекке сөөлжандарды жыйнап салып. Бая күнү Кулжанбек, Асаналы болуп Самактын көлмөсүнөн килейген алтын боор балыктарды кармаганбыз. Жүрү, балык кармайбыз, ата» — деп балалык кыялга салып атасын кыйноого алат.

— Кагылайын аралдым, колхоз жумушун кантип таштап кетем. Балыкка дагы бир күнү барабыз. Жүрү, андан көрө мага жардам берип кулак байлаш, суу сугарыш — деп алаксытат ата.

чик фашизм

Зарылбек кичинекейинен эле атка абдан чыйрлаптыр. ту. Күз келгенде кырманга келип, моло ташка минмдар айтор, чоң кишилер эмнени жасаса алардын эмгек иштерин туурап, аны кайталап жасоого, ошолордой каадалуу адамдардан болууга кумарлануучу...

— Абыке, 50 гектар тоңдурма аянтына себилген буудайдын түшүмүн эртелеп жыйып алганыбыз дурус болду. Ар гектарына айландырганыбызда 22 центнерден болду. Бир кезде моло ташка минип бастырууга бала табылбай бирөөдөн кер какшык уксаң, бүгүн минтип Зарылың кол, бутуңду узартып койду. Кудай өмүрүнө береке берсе, өзүңдү тартып барбалактаган ак көңүл, берекелүү адам боло турган.

— Кудайдын кулагы сүйүнсүн, Бейшен, өзүң бригадир болгондон бери ишибиз оңолуп калды.

Жыл өткөн сайын колхоз экономикасы артылып, маданияты өсүп, чарбалык жумушка күч берүүчү жаштардын катары өстү. Турмуш улам сонун боло баштады... Бирок...

...Күн көтөрүлүп түшкө жакындап калган эле. Календик менен Ыскак уста жасап берген болоттой курч кетменин чымдуу дыңга матыра чапкан Абыкең мөлт эткен маңдай терин аарчып коюп, кетменин улам копшоп, чоң чакадай чымды арык кырын көздөй оодарып таштады да, экинчи чымды чабууга киришти. Билектерин каруусуна чейин түрүнгөн жылаңайлак сугатчынын жүзүндө чарчоо белгиси жок... «Кара сугатын кандыра сугармайын мол түшүмдү камсыз кылуу кыйындыкка турат. Бирок мен ала калтырбаймын. Бригадир менен башкарма көрсө ыраазы болушсун» — деп кобурайт өз ичинен. Ал тарамыштай болгон күрөө тамырларын көптүрө, кериле кетмен чаап, экинчи кулакты байлап жатканда кайдан-жай-

дан жетип келгени билинбей Бейшен келип калды. Алдындагы боз аты ак көбүк чачып, оң чандыры бүлк-бүлк этип тер куюлган.

— Абыке, Ак-Тектирдин арпасынын кара сугатын тез бүтүрөйүн деп түндө үйгө келбей, ай жарыгында түн сугатын улаган экенсиң. Рахмат, ак ниет пейлиңе! Ушундай кереметтүү алтын жерибизде тер төгүп иштөө кандай ырахат!

Абыкең Бейшендин жүзүнө бир карап алды да:

— Алтын жер баркын азыр эле билип калдыңбы? — деди.

— Ооба, азыр билип атам. Алтын жеримдин чырпыгы чынар көрүнүп, чымдары дан жыттанат. Чөптөрү атыр, кымкап сыяктанат. Бүгүн өзгөчө сулуу, өзгөчө көркөм көрүнөт. Эмнегедир жат душмандарга кыйгым келбейт.

— А Абдракман кыйып жиберет бекен?!

Ал арык жээгинде өскөн жалгыз чырпык талды сындырбай, анын айланасынан этиеттик менен чым чаап алып кулакка тынымсыз ыргытып жатты.

— Абдракман, береги баштыктагы бышкан этти, нанды, айран аралашкан максымды үйдөгүлөрүң берип жиберди.

Абдракман шадылуу колу менен Бейшен берген баштыкты, чаначтагы жарманы алып жатып бирденке дейин деди эле, анын көңүлүн Бейшен буруп кетти.

— Мен сени сүйүнтөйүн жана күйүнтөйүн деп келдим, Абыке. Абдракмандын жүрөгү лакылдап, заматтын ортосунда үрөйү уча түштү. Анан чыдап тура албай:

— Айтчы, бир өлүмдөн башканын эртеси эле жакшы — деди Бейшенге тигиле карап.

Көпкө чейин дареметсиз туруп:

— Бүгүн 22-июндун таңында гитлердик фашизм биздин ыйык мекенге кол салып согуш жарыялаптыр. Далай шаарлар, кыштактарды өрттөп, далай адамдар өлүмгө дуушар болуптур. Бул күйүнүчүм, Абыке!

Ал эми Татынаң түндө аман-эсен көз жарып экинчи уулдуу болуптурсуңар. Бул сүйүнүчүм, Абыке!

Абдракман эмне кылар айласын таппай уулдуу болгонуна толкундап, чекесинен чып-чып тер кетип, бирок согуш деген каардуу сөзгө кубанычын жеңдирип жибергенсип жүзү заматта сурдана:

— Алтын жерди коргоо ата-бабанын ыйык салты, керек болсо жоого аттанып, эл-жер үчүн жан кыюуга даярмын. Анткени, артымда туяктарым бар. Алардын келечек бактылары ар дайым жаркырап турушу керек — деди.

* * *

Тоо жаңыртып шаңкылдап күлгөн, баскан изинен от жанып аалам жылдызы эшигин түргөн, тоону томкоруп, ойду көл кылган жигиттик өмүрлөр батыштагы өрт майданына сапар чегип жатты. Айылдын көркүн, талаанын шаңын чыгарган Сатар, Алияс, Көкөн, Абдракман сыяктуу белдүү адамзаттардын далайы кан күйгөн касабалуу согушка кетип, демейдеги шат күлкү аралашкан айыл ичи кандайдыр жупуну тартып ээндей түштү.

Бир кездерде эр азаматтар суу сугарып, чөп чаап, эгин бастырып түйшүктүү жумуштардын бардыгын өз моюндарына алып келсе, алардын ордуна кыз-келиндер, каруу күчтөн кетелек кемпир-чалдар, кабыргасы кателек жаш балдар келди. Согуш кесепетинен айыл чарба шаймандары да жетишсиздик кылды. Ар күн сайын болбосо да жума сайын айылдагы

боз жалпак үйлөрдүн чуусун көтөргөн ый-өкүрүк өкүм сүрмөйү адатка айланып калды.

Күндөрдүн биринде Зарылбек боз ала чаң болуп ойногон, оң жак бутунун мууну жерге тийбей ийрейип бүткөн бөбөгүн аркасына көтөрүп, Кулжанбектикинен сүт кесмеге курсактарын тойгузуп келатса, үйүнүн алдында карбаластап шашылган беш, алты аял жана айыл аксакалдары чогулуп калышыптыр. «Булар биздин үйдүн алдына соо келишпесе керек. Армияга кеткен ардагым атамды өлдү деп угузганы келишкендер го...

Жок, андай болбоо керек эле. Атам мындан он күн мурда эле: «Аман-эсенмин. Владивостокту көздөй баратабыз, Зарылым менен Маалытбегим, мени сагынбагыла. Апаңарга — Таттыбүбүгө көмөктөш болуп өскүлө...

Үч-Төрт айдын ичинде эле барып калам... Оокатыңарга бүйрө болгула...» деп кат жазбады беле. Зарылбек кичинекей Маалытбекти урап түшкөн эски дубалдын үстүнө олтургуза койду да өзү дубал бурчуна чөгөлөй калып, тигил үй алдындагы котологон элге дагы бир жолу жашырынып карады. Тигине, өзүнө тааныш тай эжелери кол жоолуктары менен көздөрүнүн жашын сүртүп, бир ат чегилген арабадан боз үй эмеректерин түшүрүп жатышат. Зарылдын жүрөгү оозуна тыгылып, эч нерсе менен иши жок, мотурайган кичинекей бөбөгү Маалытбекти бооруна сыга жогору көтөрдү да үйүн көздөй чымыркана басты. Аңгыча башына үлбүрөтө кара жоолук салынган бир аялдын боор толгой катуу өкүргөн үнү берки жолдон өтүп бараткан атчандарды да жалт караттты. «Бечаранын бир боорлошу согуштан каза таап, кара кагаз келип, күйүткө түшүп жаткан экен, ээ... Эх, каргыш тийген согуш! Далай күлгүн өмүрлөрдү жайладың

го» — деди алиги атчандардын ак сакалы ат тизгинин жай тарта. Жолдун аркы өйүзүнө өтүүгө аракет кылып шашылган Зарылга бул сөздөр октой тийди. Жүрөгү ого бетер дүкүлдөп, денеси ымыр-чымыр болуп, өзүнчө делөөрүп канчалык аракет кылса да жол арбыбай жаткансыды.

«Ардагым атакем аман-эсен болгой эле».

Анын оюн ушул сөздөр ээлеп, бүткүл сезими атасынын кыял-жоругуна, мээримдүү эркелеткен элесине тартыла калды...

Ал бөбөгү Маалытбекти көтөрүп эл топтолгон үйүнө тызылдап жетер менен чоң энеси Үмүт, көз жашын көл кылып Зарыл менен Маалытбекти бүркүттөй иле кучактап боздоду.

— Ак сүтүн берип алдейлеген апаңар Таттыбүбүдөн айрылдык...

Зарыл чоң энесинин мойнунан кучактай кулунча чыңырып-чыңырып алды.

— Апакем ай... Кайдасың ай!..

Зарылга кошулуп Маалытбек да кошо жаш төккөндө ыйлабаган киши калган жок.

— Шордуулардын атасы армияга кеткенде апасы эсен турса эмне... Кор кылбай бакпайт беле. Эми көргөн күндөрү эмне болот?!

— Береги карыган Үмүт менен Майрыктын шору да!

— Ой, аялдар, ыйыңарды токтоткула! Сөөктү өз жайына алып коёлу!

Ыбыке үнүн көтөрүңкү чыгарып бак-бак этти.

— Зарыл, айланайын, жылаңайлактанбай бутуңа бирдеме кийип алчы. Кудайдын буйругу экен. Жаш калдыңар. Белиңди бекем бууп өлгөн апаңа кызмат кыл. Байкуш Таты силердин убай-урматыңарды көрүп өлсө эмне...

— Э-эп, бала деле курусун. Бала деп жүрүп соңку баласын төрөй албай жан берди байкуш, көзү ачык кетти байкуш...

— Өзүнө эле убал болду да. Бала эмне, ачуу-таттууну көрүп чоңоюп өсүп, өз күнүн көрөт да!

Боз үй тигип жаткан кайсы бир келиндер өздөрүнчө кейий шыпшыныпып, оюна келгендерин бакылдашат.

Ошентип, армиядагы атасынан шек санаган Зарыл заматтын ортосунда, алдейлеп сүйгөн, ак сүтүн берип эркелеткен апасынан айрылды.

Күн өткөн сайын апасынын элесин көз алдына келтирип сагына берди, сагына берди... анын мээримине кусадар боло берди. Ал эми кичинекей Маалытбекчи... Ал да «апамды таап бергиле!» — деп күнүнө үч, төрт жолу өпкө-өпкөсүнө батпай соолуктачу болду. Бирок апасы табылбады, келбеди. Ал эми атасы болсо, армиядан тезирээк кайтпады.

Зарылбек менен Маалытбектин эл арасынан үйрөнүп алган төмөнкүдөй ыр саптары ар күн сайын муундуу жаңырып жүрдү:

Агала тоонун боорунан,
Ак кептер учат балп этип.
Аскерге кеткен атакем
Качан бир келет жарк этип.

Көк ала тоонун боорунан,
Көк кептер учат балп этип,
Көп алыс кеткен атакем,
Качан бир келет жарк этип.

Жаргылчактын кыясы,
Жайкалып чыгат мыясы.
Атакем келсе бир күнү,
Биз кудайга ыраазы.

Согуштун оор күндөрүнүн кесепети башкалар сыяктуу эле Зарылды да далай тоо, таштарга урунтту:

Бир жылы окуудан жайкы каникулга тарары менен Кургак-Үкөк жайлоосунан машинага тартылган сүттүн айранын жакадагы талаачылыкта иштегендерге ташып келип турду. Кээ бир күндөрү көз ачырбаган көнөктөгөн жамгыр алдында калып ичине суук өтүп сыздап ыйлаган күндөрү да болду. Кээ бир мээ кайнаткан ысык күндөрүндө кашаң көк өгүз үстүндө башына күн өтүп, ооруган учуру да болду. Бирок ал максатынан тайгылбай суусун айранды эки күндө бир жолу чөп чабыкта, отоодо, курулушта иштегендерге өз убагында жеткирип турду.

Күндөрдүн биринде шашылыш түрдө көк өгүздү алдына салып айдап, төрт чаначка айран жүктөп келатты. Күн түшкө жакындап калган. Чоң-Булактын оюна түшкөндө куудураган жаргак шым кийген, 16—17 жаштар чамасындагы үч бала Зарылбектин алдынан карп-курп чыга калышты да түз эле буйрук беришти.

— Кана, «Теңдиктин» азык ташуучусу, бир чанач айраныңды бизге бер... Болбосо төрт чаначыңдан тең айрыласың.

— Бералбайм туугандар, айран жеке менчиктики, өзүмдүкү эмес, ортонуку, колхозчулардыкы. Алар күтүп жатышат.

— Биз да колхозго мүчөбүз.

— Силерди мен таанббайм, көргөн эмесмин.

— Эй, тилинде тикенеги бар бала окшойт. Такылдап сүйлөгөнүн көр, а!

— Кармагыла, байлагыла!

Узун бойлуу, тырык чеке, чекир көздүүсү мына ушинтип күпүлдөөр менен берки экөө Зарылбекке

карышкырдай ыргыды. Кармашуу башталды. Зарыл кичирээк бойлуусунун саксайган чачынан алып, өгүздүн териси менен тамандалган урчук баш чокою менен ичке бир тепти эле ал ичин колдору менен баса, толгонуп олтура кетти.

— Мына сага! Узун бойлуу, чекир көздүн өңү кумсарыңкы тартып, атырылып келип Зарылды табарсыкка тээп өттү эле анын көздөрүнөн от чагылышып шалдая түштү.

— Эмне карап турасыңар, байлагыла! Чыйбыттай кичинекей немеден жүрөксүздөнүп коркушат, ой. Аңгыча арбаңдаган алты кол Зарылдын алкымына, колдоруна, буттарына жармашты. Зарыл жан талашып балыктай туйлап жатып бирөөнүн кулагы оозуна уруна түштү эле курч тишине салып чырылдата тиштеди, бирок заматтын ортосунда колдору капталдарына жабыштырыла таңылды... Бети-башы көгөрүп, мурдунан кан түтөктөдү.

— Көк өгүздү бери жетелеп келгиле, чүлүгүнүн боз чылбыры менен буттарын да чытырата таңып коёлу. Анан кыймылдаганын көрөйүн.

Чекир көз каткырып күлө ушундайча бакылдады эле, анын айтканы орундатылды. Зарыл буттарын канчалык эрбеңдетип тепкилесе да үч зордукчу коё турган эмес. Көк өгүз башын төмөн салаңдатып, чүлүгүнүн чылбыры Зарылдын буттарына байланды.

— Энеңди урайын каракчылар, колго бир күн түшөрсүңөр. Шашпагыла, түрмөгө салдырбасамбы?!

— Ага чейин айраныңды иче туралы — деп какшыктап күлдү алиги чекир көз чаначтын оозунан кылкылдата жутуп жатып. Үчөөнүн улам бирөө алмак-салмак менен анча чоң эмес орточо сары чаначтагы айранды түбүнө түшүрө ичишти. Кез-кези менен Зарылды карап кыйкырып коюшат.

— Бая эле сыйың менен берсең алдагинтип таңылып туткун болбос элең.

— Колхозчулардын айранын ичпей балакет ичкиле.

Аңгыча берки үч зордукчу бири-бирин күйкөлөктөй карап шыбыраша калды.

— Эки чаначты өзүбүз менен кошо ала кетели.

— Жок, кармалып калабыз.

— Бол, ылдам качып кетели. Таңбай эле койбой...

Тигилердин ушинтип сүйлөшкөндөрү Зарылга даана угула калды да, айраны ичилген чаначты жан талаша көтөрүп, батыш тараптагы коктуну өрдөй качышты. Арадан жыйырма минута өтпөй жогортодон ат дүбүртүнүн келаткан дабышы угулуп, ал улам жакындаган сайын Зарылбектин демөөрү бир аз күч алып кайратына келгенсиди. Колу, буттары таңылуу жаткан баланын тушуна келгенде берки жолоочулар жай бастырышып тигил «туткунга» ооздорун ача таң калуу менен караштры.

— Айланайын эже, байке, мени бошотуп коё көргүлө. Азыр эле үч каракчы мени аябай сабап, колхозчуларга алып бараткан айранды ичип, чаначы менен көтөрүп кетишти.

Эки атчан ошол замат түшө калышып, Зарылдын таңылуу колу, буттарын чечип, анын канга боёлгон бетин сайдын чөөт суусуна жууп, кийимдерин кагыпсилкип тазалап, мээримдүү мамиле жасашты.

— Биздин Бактыбектей эле кирбийген бала экен, бечара, ата-энең барбы. Кайсы айылдансың? — деп сурады бутуна кара өтүк, үстүнө тукаба кемсел, башына ак жүн жоолук салынган жазы маңдай ак куба аял.

— «Теңдиктенмин» Абдракман дегендин баласымын Атам армияда, апам өткөн жылдары каза болгон.

Өзүм Кургак-Үкөктөн колхозчуларга айран ташып жүрөм. Жөн эле келатсам...

Зарыл сөзүнүн аягына чыкпай жашын эски боз көйнөгүнүн жең учу менен сүртүп, болгон иштерди, өзүнүн үй-бүлө абалы, эмелеки зөөкүрлөр жөнүндө баяндады.

— Алар мына бул Чоң-Булактын тентектери болууга тийиш. Андайлар минтип жүрсө бат эле кармалат. Мен милиция органына билдирип коёюн. Коркпой эле кой. Айраныңды ташый бер, айланайын — деди уполномочен жигит жанагы үч зордукчулар кеткен коктуну өрдөй көз жүгүртүп — азыр шашып бараткеныбыз, болбосо...

Зарыл өгүздүн бир капталына оой минди. Анткени эки чанач салмактуу болуп ээр ооп кете турган. Төрт чаначтын бирөө тигил үч зордукчунун колдоруна кетпедиби.

«Бир күнү колго түшөрсүңөр шүмшүктөр, өзүңөрдү деги таанып калдым» — деди Зарыл чарчаганын билдиргендей үшкүрүнө.

Эки атчан кыбырай бастырып, Зарылды Шамен суусунан ары өткөргөнгө чейин чогуу келди да анан Алтын-Булак тарапты көздөй сапар тартышты.

Зарыл бул күнү талаага иштеген колхозчуларга келбестен, үйүнө барып түштү да өздөрүнүн улак чаначына чоң челектеги буруксуп ачыган арпа жармадан бир чака куюп, экинчи чаначтын түгөйлөшү кылды да күн бешимге жакындап калган кезде чалгычыларга, үймөкчүлөргө келди. Зарылды аябай зарыга күтүшкөн эл суусундары канганча жыргап ичишти.

— Ой, бул жарманы эмнеге алып келдиң? — деди кичинекей Мисир Зарылга назар сала.

— Бир чанач айрандын ордуна...— деп жашыды

Зарыл болгон окуяны төкпөй-чачпай курбуларына баяндап.

— Мындан ары Кургак-Үкөктөн айранды Эсей эле ташып келип турсунчу. Мен чалгы чабышайын. Эми жанагы үч зордукчу мени көрсө өлтүрүп коюшат.

— А аларды билем.

Эсей көөдөнүн кайкалата, колдорун шымынын чөнтөгүнө сала:

— Алар Качкындын балдары. Тоодон келаткандардын эжигей, курутун, чөбөгө, сүзмөсүн, айран, кымызын тартып алып жаман үйрөнүшкөн дешет. Биздин Усуке райондук милицияга билдирген имиш, милициянын капитаны Кашпов кармайбыз деп изилдеп жүрөт дейт — деди.

— Эч нерсе эмес, кагылайын Зарыл. Ушунун баары согуштун тарткылыгы. Мындай апаат күндөрдө тың, чыйрак өсүп, жашык болбоо керек. Эми сен чоң жигит болуп калбадыңбы. Ошого да муюшасыңбы. Кармашса, кармашып от жүрөк болуп өсүш керек.

Ийнинен дем ала күрс-күрс жөтөлгөн оорулуу Кадыр намыстуу сөздөрү менен Зарылды бир топ чыйралтып койду.

Чөп чабуу ортолоп калган мезгилге чейин Зарыл тоодон жакага айран ташып турду. Бирок жолдон бирөөлөр баягыдай айранын тартып алуу болгон жок. Көрсө, милициянын капитаны жолдош Капшов баягы үч зордукчунун бирөөнүн короодогу тоокторун уурдап кеткенин изилдеп жүрүп, кармап, тийиштүү жазасын беришиптир.

* * *

— Жоо жакадан алып, эл-жерибизге бүлүк түшүрүп жатканда айыл чарба шаймандары жетишсиз болуп жатат. Ошондуктан колдон жыгач, айры, тыр-

моoч жасайлы. Бул ишке Зарыл сен дагы катыш. Себеби, өткөн жылы жазында устакана үчүн көмүр өчүрүшүп даярдоого сен мыкты иштепсиң. Анын үстүнө өзүңө чак болоттой курч айбалтаң бар деп угабыз. Айранды болсо баягы өзүң айткан Эсей ташый турсун. Ал курч чалгыга сөөмөйүн алдырып алып ырбап кетиптир — деди башкарма.

— Усуке, сиз айткандан кийин эки дебейбиз да! Зарылга башкарманын минтип атайын милдеттерди тагышы анын зоболосун жогору көтөрдү. «Мен да атайын киши болуп боорумду көтөрүп калсам керек» деп кубүрөндү ал өзүнчө каада күтүп.

— Жыгач айры үчүн мен да тал кыркышайын — деди Зарылдын жакын курбуларынын бири Мүсүй.

— Мейлиңер, бирге иштесеңер көңүлдүү жүрөсүңөр.

Эртеси жыгач айрылар, тырмооч саптары үчүн тал кыркуу башталды. Адегенде кандай талдарды кыркуу жөнүндө Ыскак уста көрсөтүп берди. Мындан соң зээндүү балдар карап турсунбу, бутактары эки-үч ачаланган талдарды кыркып суу жээгин көздөй кош ат чегилген арабаны көздөй ташып жатышты. А Ыскак ата болсо биликтей жоон түз өскөн талдардын эки ача, үч ача бутактарын айры кебетелентип кыркып улам бир жерге топтоп жатты. Бир кезде ал балдарга минтти:

— Эми тал кыюуну токтоткула. Алтымыш айрылык жыгач кырктык. Мунун ону жарабай калса да элүүсүн урунабыз.

Зарыл курбусу менен Ыскак атанын жанына жетип келип арбагай мүйүз талдарды буташып жиберүүгө жардам бере баштады.

— Ыскак ата, согуш качан басылар экен?

Зарыл чыйрак сүйлөй суроо берет да, Мүсүй курбусу экөө устадан үмүттүү жооп күтөт.

— Биздин армия Герменди өз жерин көздөй сүрө баштады деп угуп жатпайбызбы. Куда кааласа жакын аранын ичинде жеңишке ээ болуп, согушка кеткендер аман-эсен кайтып, бөксөбүз толуп, жадырап жайнайбыз, садагалар. Ага чейин талыкпай иштеп, талыкпай окушубуз зарыл.

— Менин жашым жетсе армияга барып Германдык каракчыларга ал-кубатымдын жетишинче сокку берер элем. Чолпонбайдай эрдик көрсөтөр элем.

Зарыл кабагын чытый, кичинекей муштумдарын түйө, тиштерин кычырата үн катты.

— Ай, балапан балдарым, атаганат, ал келсе мен деле ок, от аралап мекен коргосом дейм. Айла жок, карылык ага жол бербейт экен.

Уста ата терең ойго баткандай колундагы эки ача талдын кабыктарын максатсыз эле аарчып кирди.

— Уста ата, жыгач айрылардын кабыгын кырманга алып барып аарчыйлы дебедиңиз беле?!

— Аа келесоо жаным десе, унутуп койгон турбаймынбы.

Уста ата ууртунан жылмая, ордунан тура калып, бутактары кесилген талдарды арабага сала баштады да сөзүн улады.

— Э, кичинекей жардамчыларым, карыган кезде акыл-эстен бир аз тая түшөт экенсиң. Жакшы эле тың жүрчү элем. Ушул каардуу согуш башталгандан бери бир аз күүдөн тайыгансыдым, унутчаак боло баштадым. Анткени эки уулум армияга кетип, Мукайымдан ажырап калбадымбы. Темикемден болсо жарадар болуп госпиталда жатам деп кат келген.

Алар жыгач айрылык, тырмооч саптык талдарды кырманга жеткиришип, кабыктарын күнгө жайып коюшту.

Эртеси да тал кыркылып кырманга жеткирилди.

— Уста ата, мынча көп айрыны эмне кылабыз?

— Эгин бастырып, саман, чөп үймөктөйбүз. Темир айрылар саналуу гана болуп жатпайбы?!

— А эмне үчүн?

— Ээ, тентегим десе, бардык темир металлдар согуштук курал-жарактарга кетип жатпайбы. Мына, биздин бул жыгач айрыларыбыз да германдык фашисттерге сокку уруучу курал. Себеби, биз бул жыгач айрылар менен чөп үйүп, саман кырдап, оор топон сапырып, эгин бастырып, опол тоодой иш жасап, аскерге кеткендерге дан камдап, күчкө күч кошуп жатабыз. Мына, бүгүн Мүсүй экөөңөр береги жыгач айрылардын кабыгын ылдам аарчып, олифтеп, кургатып, ылдам даярдасаңар душманга ошончолук сокку урган болосуңар. Кылган аракетибиз азбы, көппү эмгегибиздин баардыгы азыр согуш үчүн, жеңиш үчүн болуп жатпайбы.

Бул сүйлөшүүдөн кийин Мүсүй менен Зарыл ого бетер белсенип кайраттана иштеди. Жетимиш беш жыгач айрынын кабыгын аарчып, олифтеп, как кургатышып үч бригадага жыйырма бештен жыгач айры камдап беришти.

— Силердин жакшы аракетиңерге, ак ниет сезимиңерге рахмат! — деди башкарма карыя устанын эки кичинекей жардамчыларына ичи элжиреп,— Зарылбек согушка барып фашисттерди кыйратсам деген максатынын өтөөсүнө аз да болсо чыгып жатат. Анткени, тылдагы мындай тынымсыз эмгек ошол баатырдык соккуга тете... Биз үчүн жеңиш!

Тууган жер, сенин бир ууч топурагың,
Жыттасам көрөм сансыз байлыгымды.
Кыйры кең мекенимдин ойлоп камын,
Угамын: корго! — деген жардыгыңды.

Тууган жер, сенин ууч топурагың,
Жыттасам көрөм сансыз гүлдөрүңдү
Кастарлап, жылдыз кармар чокуларың,
Эстеймин бийик жерде жүргөнүмдү.

Эстеймин балалыкты, курбалымды,
Эстеймин алтын шаар курганымды.
Көлкүлдөп жаштык кездин отторуна
Эстеймин махаббат гүл сунганымды.

Мекен коргоп батыш тараптагы кан күйгөн өрттө жүргөн кайсы бир жоокер уландардын жогорку саптарда ырдагандай асыл ойлорун билдирген, киндик кан тамган бир тууган Ата Журтун даңаза кылган, аны ач көз душмандардан коргоого бүткүл өмүрүн арнаган сезимдер аз болбодубу. Ооба, көп болду. Өз Ата Журтунун кучагында эркин басып, бакыттын гүл чынарын көкөлөтүп өстүрүп, сүйгөн жарлары менен сыр түйүнүн чечүүнү, адамзаттын жүзүнө нур чачкан кубанычтарга батууну самагандар аз беле... Ооба, көп болучу. Бирок андай асыл тилектердин далай жиктүү тамырын согуш деген суук сөз кыркып кетти. Кичинекей Зарылдын атасы Абдракмандын— жашыл талааны сүйгөн жөнөкөй дыйкандын, жөнөкөй сугатчынын турмушундагы акактай тунук тилегин, алдыдагы бүтө албай калган албан максаттарын ошол согуш деген сөз тескерисинен оодарып таштады. Ал карчыга куштай кайрылып келип, эки уулунун, сүйгөн жарынын бетинен кумары кsurvival канганча сүйө албай калды. Кырсык үстүнө кырсык басып чоң энеси менен чоң атасы да жарык дүйнө менен түбөлүккө коштошту. Жетимдик азапка, күйүттөргө чырмалган он беш жаштагы Зарыл өзүнөн кичүү бөбөгү менен эскилиги жеткен жалпак тамда жалгыз калышты. Бирок

Зарылдын күйүттүү жаш жүрөгүн сооротуп, кубаныч толкундарын ойноткон бир гана кереметтүү күч — ЖЕҢИШ!.. деген алтын сөз болду. Ушул жеңиш деген кубаттуу, мээрими күч сөздүн ичинде Зарылдын келечек үмүтү, балбылдаган бакыты, басар жолу, таалайлуу өмүрлөрү жүргөнсүдү.

* * *

Согуш мезгили далай улан-кыздарды кыйын кезеңдердин каардуу сыноолоруна үйрөттү. Барга канагат келтиртип, жокко чыдаттырды. Чыйрак эмгектерге көнүктүрдү. Зарыл да ошондой турмуштарды башынан кечирди. Жаздын күнү сокого минип, жайкысын чөп чабуу, отоо, чийне тартуу жумуштарына катышты. Күзгүсүн моло ташка минип, ай жарыгында уйку көрбөй түн күзөтүп иштеди. Согуш басылгандан кийин жетинчи класска чейин окуп келип, өзүнүн кысталыш турмуш шартына байланыштуу билим алууну андан ары уланта албай калды.

— Мен эми бир тууган колхозумда иштеп, ата кесибин улантам.Атакемди жоктотпой анын жөнөкөй дыйканчылык өнөрүн өздөштүрөйүн. Буту майып бөбөгүмдү багып өстүрөйүн. Жетим өз киндигин өзү кесет эмеспи. Колхоз бизди кор кылбайт,— деген чечкиндүү максатка келди.

Согуш башталардын алдыңкы жылдары орус тууган Календик жасап берген атасынын албарс миз кетмени күнү бүгүнкүдөй жаңы эле. Атадан калган белек катары ошол кетменди ийнине салып сугат ишине келди.

Ырас, колхозго мүчө болуп келгендин алгачкы жылдары турмуш анча жакшырып кете алган жок. Арадан үч жыл өткөн соң, Зарыл үйлөнүп, өз үйүнөн

түтүн булатты. Бир жылдан кийин эркек балалуу болуп, жерге батпай сүйүнүп, атын Бейшенбек коюп, өз тиричилик турмушун андан ары улады. Сугатчылык — анын чыныгы дасыккан, жан-дүйнөсү менен берилген, ага сыймыктанып кумар черин жазган ардактуу кесиби болуп калды. «Дыйкан жаны — дан» деген канаттуу сөз аны алыскы бийиктерге учурду. Сезимдерин чырмап алды. Анын үстүнө балтыр бешик бала чагынан бери ата кесибине ык алып, дыйканчылык турмуш ага башка өнөрлөргө караганда жүрөккө жакын, көңүлүнө төтө сыяктанды.

«Акын өлөт — анын ыры калат. Куштар жетилип учат, уясы калат. Чөп куурайт, тамыры калат» сыяктуу ата өлсө да анын уулу Зарыл ата ордун басып кайсы бир кыял-жоруктары, баскан-турганы кадимки эле атасын элестетчү болду. «Береги Зарыл даалдап ыраматылык атасынын эле өзү. Баарыдан да коёндой окшоштугун айтсаң... Койдуруп алган муруту да кадимки эле атасын элестетет» деп кобурачу болду кайсы бир кемпир, чалдар Зарылды көргөндө.

* * *

...Бир кездерде колхоздо председатель болуп иштеген Керимбек Ак талдын (Абдракмандын Ак талы деп аталган жер) үстүңкү бетиндеги машина менен чөп чаап жүргөн колхозчуларды кыдырып келип, астыңкы ойдуңдагы тегиз баш алган арпаны байкап, бөтөнчө толкунга бөлөндү.

— Баракелде!.. Буюрса бул жердин түшүмү кампага батпай, ак дан тоодой үйүлөт экен. Мына, эгин дегенди ушундай ардактап бакса... Арасында бир тал арам чөбү көрүнбөйт. Бул үчүнчү бригаданын жери эмеспи.

— Ооба, үчүнчү бригаданыкы. Зарыл сугарып, Зарыл өстүргөн арпа! — деди председателдин жанында ээрчип жүргөндөр.

Күн батууга аркан бою калган. Жайык кенен талаада тегиз баш алып, буурул муруттанган арпа аянты күн нуруна ого бетер сулуу чагылышып, көк деңизди элестетип, көрк берип турду. Ырас эле, ошол жылы бул 68 гектар аянттагы арпадан жылда болуп көрбөгөндөй мол түшүм алынды. Арпа түшүмү гектарынан 41 центнерден айланды. Зарылдын ысымы ого бетер мактоого алынып, районго да дүңк эте түштү. Ошол жылы кошумча эмгегине бир тоннадан ашык эгин алды. Бул Зарылдын эң алгачкы ийгиликтеринин бири эле.

* * *

Зарылбек түндүн бир оокумуна чейин уктаган жок. Жаткан орунунан бирөө ойготуп жаткансыйт.

«Мына эми бул жагым менен жатсам уктап кетермин» деп көзүн жумат. Бирок кайра эле жыйналышта олтурган учуру, колхоздун башкармасынын председателинин: «—Жер семирткичтер, талаа азыгы болсун! Коромжулукка жол берилбесин!»—деп айткан сөздөрү анын тынчын алат.

— Эмнеге эле уктабай атасың? — деди жары Жамыйла Зарылбектин ары-бери оодарылып жатканынан улам.

— Жөн эле уйкум келбей жатат. Уктайын десем эле талаа, сыдырым желге баш ийкеп жаткан арпа менен буудайлар көз алдыма элестейт.

— Түндүн канчасы болуп калды. Колхоздун сенсиз жумушу бүтпөй жатыптырбы? Андан көрө жыргап уктап албайсыңбы, ар деме, бир демени ойлобой.

Ушул сөздөн кийин терең үшкүрүнүп турду да кийине баштады.

— Балдарды уктатасыңбы деги?!

— Көчөгө бир аз чыгып, ары-бери таза абада басып келбесем боло турган эмес.

Асманды ала булут чалып алгандыктан, жымыңдаган жылдыздар бүлбүл болуп көрүнгөнсүйт. Айыл ичинде түп-түз көчөлөр пайда болуп, бак-дарактар тигиле баштаган.

Ал жай гана басып келатты. Үсөндүн жана Кылычтардын үйүнүн тушуна келгенде тык токтоп калды. Бир азга ойлоно кетти көрүнөт. «Жаңыдан тиккен экен. Ырасын айтканда Адакем камбыл киши го, чиркин. Жердин тоңу кечээ эле кетпедиби. Мына ушуга карабай бак-дарактарды эртелеп олтургузуп жатканын көрсөң. Балким бул дарактар бир, эки жылда эле бой тиреп өсүп, сыдырым желге үн алышып турар».

Ал басып жүрүп, таңды да атырды. Эшикти акырын ачып, үйгө кирди. Жамыйла болсо бешиктеги кенжесин эмизип жаткан экен.

— Эчтемеден эчтеме жок эле азап тарта бергенде саа байге бермек беле?

— Кийин көрөсүң. Ошондо ээрдиңди тиштеп жүрбө. Суу каякта?

— Таң аттыбы?

— Ооба. Жуунуп алып эртерээк барбасам жанагы жаш балдар жер семирткичтерди ой келди эле жерге төгө беришет...

* * *

Зарылбек өзүнө бекитилип берилген участокко келгенде айланага тегиз жарык кирип, алыстагылар көрүнө баштаган учур эле.

Ак карлуу тоонун кылда чокусун чулгаган кебездей булуттар каалгый тартып, билинер-билинбес болуп чыгыш тарапты көздөй жылат. Айлана сулуу тартып, мемиреген тынчтыкта. «Буюрса бактыбыз бар экен. Убара болгонго жараша эмгегибиз текке кетпейт көрүнөт. Бүгүнчө шамал болбосо эле болгону. Эртеңкиге чейин кыктар басырылып калат да».

Зарыл жай бастырып, талааны көрүп жүрдү. Ал атасынын «Ак талына», былтыр өзү суу сугарган жерге келгенде тыр-тыр эткен трактордун үнү угулду.

Бир эмес эки трактор удаа келатат. Чиркелген тележкаларында жер семирткичтердин додолоно салынганына карабастан ар биреөндө экиден киши олтуруп алган.

Алдыңкы тракторду айдаган Салкын деген келин, тракторист болуп эмгектенгени бир топ жыл болуп калды. Карагодогу профессионалдык-техникалык окуу жайын бүтүрүп келгенден бери өзүнүн туулуп өскөн «Теңдик» колхозунда эмгектенип келе жатат. Иши жакшы. Ар ишке жумшасаң аный дебейт.
Тигиним бузулуп атат, трубкам жарылып калды— деп кур шылтоону айтып, жумшаган жакка барбай мойнун толгоп тилдешкендер азбы. Жок, ал андай эмес.

«А байкуш, ургаачы киши тракторго жарашпайт экен. Талаа жумушунда шүк эле иштебейби. Каралаторала болуп эмине кылам». Салкын адегенде Жамыйла сыяктуу балбан билек трактористтердин жолун жолдоп механизатордук ишти өздөштүргөндө жогоркудай ээн ооз сүйлөгөндөр болбой койгон жок. Бирок Салкын максатына бекем турду. Акыры мыкты тракторист болуп чыкты. Өткөн жылы жай айында жаш механизаторлордун республикалык 1-слетуна катышып, жалпы эле айылдык кыз-келиндерге механиза-

тордук ишти өздөштүрүү боюнча үндөө менен кайрылган. Анын оюн көпчүлүк кыз-келиндер жактырган.

Экинчи тракторду айдаган Мамыркулдун уулу Жумагул. Ал да өз ишин сүйгөн түйшүкчүл азаматтардан.

Зарылбекке жакын келип «Беларусь» да, «ДТ-24» да катар токтошту. Кантсе да эр азамат кичүү эмеспи. Жумагул мурда озунуп салам айтты.

— Саламатчылык айланайындар, саламатчылык. Балдар, мындай айдагыла «аргымагыңарды». Мени ээрчий берсеңер кай жерге төгөрүңөрдү көргөзүп берейин...

Зарылбек оң колун жаңсай тээтигил «Ак талдын» алдын көрсөттү. Салкын менен Жумагул Зарылбекти ээрчий болот дене тракторлорун жай айдашты.

Мурдагы чачылган жер семирткичтер небак тапталып, жер менен жер болуп калган. Эмдиги максат— бул алынып келинген жер семирткичтерди күзүндө чачылган жер семирткичтерден ала калып калган жерлерге чачуу эле. Жер семирткичтерди чачуу үчүн атайын адамдар келишкен. Алар Зарылбек көрсөткөн жерлерге чачып жатышты.

Зарылбек буудай аянтына жер семирткичтерди чачтырып жатып, өз уулу Бейшенбектин келгенин байкабай калды.

— Ата, менин телешкамдагы кыктарды да ушул жерге чачсак болобу?

— Ооба, балам, дагы эки телешка керек.

Айткандай дагы эки телешка жер семирткич ташылып келинди... Аны Бейшенбек алып келди. Ал «Беларусь» тракторун зарылдата айдап, телешканы кайрадан сүйрөтүп кеткенде анын артынан Зарыл кубанычтуу карап турду. Уулунун техника тилин билип алганына ыраазы болду. Ушундан улам бир кезде

Караго айлына келген биринчи трактор жөнүндө айткан колхоз ветераны Ысабайдын аңгемеси эсине түштү.

— ...Ал кезде колхозго эки ат сүйрөөчү машина келген эле. Аны менен чөп, эгин чабылуучу.

— Деле сонун машина экен. Чөптү устарадай шыпыра чаап ишти арбытып салды.

— Чалгы түйшүгүн жеңилдетип таштады.

— Эмнеси болсо да ырахмат, өкмөткө!

Техника ушинтип көбөйө берсин! Чөп чапкыч машина жөнүндөгү ошол кездеги ар кандай мактоо сөздөр жер көтөрө албагандай угулган.

Мындан соң Карагого, өйүзгү совхозго биринчи трактор келгенде аны алдын ала Семиз-Белден, бер жакkы чети Жаңы-Жолдон ат минип барып кастарлап тосуп келишкен. Биринчи трактордун үнү жер жарып жиберүүчүдөй даркырап алгач көргөн адамдарды таң калтырды. Тракторду башкарган Көбөштү эл касиеттүү адам сезишет.

Анын трактору жер бетиндеги эң асыл, эң ыйык нерсе көрүнөт.

— Айланайын кудай, трактордун жаны бар болду бекен?

— Ой, эки көзү тостоюп жайнайт да!

— Темирге жан киргизген болчейбекке миң алкыш!

Трактор Караго борборун аралай, базар ичин басып өтүп, совхозго карай кетүүчү жолго токтогондо, пулга кезек күтүп тургандай үймөлөктөгөн кишилердин көптүгүн айтпа!

— Касиеттүү трактордун мечит алдында токтогонун көрсөң!

— Кудай колдосун дегени да!

Кайсы бирөөлөр трактордун мечиттин тушуна ту-

руп калганын өтө ыйык көрүшсө, кай бирөөлөр мечитке эмес, тракторго сыйынышат, ага колдорун тийгизүүнү турмуштагы бакыт-таалай катары сезишет.

— О, Көбөш, бул жарыктыктын тилин кантип гана билдиң экен, ыя?

Анда Көбөш беркилерге жылмая карап:

— Окуп үйрөнгөм! — деп жооп берет.

Ошол жылы совхоздун далай жери ушул трактор менен айдалып, анын албан күч экендиги баарыбызга маалим болду.

— «Мына эми — дейт, Зарылбек өз ичинен терең ойлоно,— ошол касиеттүү тракторду бүгүн уулум оңой гана башкарып жүрөт. Ушул трактор бүгүн дыйканчылыктын толуп жаткан түйшүктүү иштерин бүтүрүп жатпайбы. Бул трактор, техника болбогондо мол түшүм алуу кыйындыкка турат эмеспи».

* * *

«...Күзгү-жазгы болуп отуруп, биздин бригадага бекитилип берилген участоктон эч бир ала жер калган жок. Эми мындан аркысын көрө жатабыз го? Жыйынтык кандай болор экен?

Эгерде ушунча түйшүктөн кийин алынган милдеттенме орундалбай, өзгөлөрдөн артта калсак элге эмне деп айтып, эмне деп жооп берем. Баарыдан да кордугу бул болот дечи: Осмон талаадан сын такса, Жамыйла үйдөн кулак-мээмди жеп, наалыган сөздөрү түгөнбөсү шексиз го...»

Ар түркүн ойго чөмүлүп келатты, Зарылбек. Аны ойлоп, муну ойлоп келатып карагердин тизгинин да коё берген. Себеби, карагердин бул жол менен баспаган жери калган эмес да.

«Баса, деди кайрадан Зарылбек издегенин тапкандай күлүңдөй,— башкарманын баягы жыйналышта:

«Дыйкандын жан досу, кеңешчиси агрономиялык эреже. Аны ар бир дыйкандын билүүсү ыйык милдет!» — деп айтпады беле.

Ооба, бул башкармабыз Мөкүштүн сөзү. Бул сөздү жанагы агроном жигит Калдыбай Иманканов да ырастап сүйлөгөнү эсимде.

Кезектеги иш — бардык аянтты ала калтырбай сугарууда турат. Айтмакчы, биздин Карагонун шартында айрыкча, сугат ишине көп көңүл бурушубуз керек. Арийне, башка райондогудай кышты кыштай кар жатпаса кантебиз. Жаратылыш мына ушунусу менен кызык го! Кааргодон мындай эле карыш жылсаң ак кар, көк музга туш келесиң.

«Аракет кылсаң берекет» дегендей эр эмгегин жер жемек беле. Өткөн күндөрдүн адам баласына тартуулаган өзүнчө белеги бар го!..»

Зарылбек айткандай «Теңдик» колхозунун жалаң дан эгиндерин айдоо үчүн бөлүнгөн 1024 гектар жери сугарылды. Сугарылганда да кандай дейсиң? Ойдогудай. Бардык аянттарда суулар күнү-түнү дебей жайылып жатты.

Натыйжада, кош айдоо бир топ күн кечигип барып чыкты. Каз таман тракторлор кээ бир айланыштарда соколорун тарта алышпай «бырпырашкан» учурлары көп эле болду. Зарылбек улам айдалып жаткан жерге келген сайын:

— Сиз Кочкордун суусун бүтүндөй буруп келип сугарган көрүнөсүз, байке. Кээ бир жерлер сууну аябай ичип жакшы кургай элек экен, алигиче,—дешет, тракторист жигиттер.

— Тамашаңарды койсоңор, балдар! Кантип эле нечендеген аттын күчү бар тракторуңар соколорун тарта албасын! — дейт, Зарылбек тигилердин ар кимисине жооп бере.

— Ишенип коюңуз. Эгерде бул жерде «Беларусь» же «ЧТЗ», «ДТ-24» жана башка төрт дөңгөлөктүү тракторлордон келишсеби, дароо эле тыгылып, ушул жерде жатыша турган.

Мына ушундай сөздөрдөн кийин Зарылбек өзүнүн сугатчылык ишине ыраазы боло, карагерди жай бастырып айдоо аянттарынын сапатын акмалайт.

Кош айдоонун жүрүшүн көрүп жүрүшкөн колхоздун башкармасынын председатели, Ленин орденинин кавалери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Мөкүш Кулубеков баш болгон колхоздун айрым адистери келип калышты.

Кош айдоонун жүрүшү түзүк болуп, жер белгилүү өлчөм тереңдикте айдалып жатканын билгенден кийин председатель минтип сурап калды:

— Кош айдоонун темпин мындан да тездетүүгө болобу? Тереңдикти бир аз көбөйтүп көрсөк кантет. Бул мол түшүмдүн негизи болуп жүрбөсүн.

— Мына, сиз айткан ойду трактористтерге айтып көрдүм. Бардыгы эле жаа бою секиришет — деди Зарылбек.

— Анда эмесе, бардык трактористтер бир азга эс алышсынчы... Кеңешип көрөлүчү.

Бир аз тыныгуу болду.

— Биз бардык иштер менен таанышып чыктык, жолдоштор! — Ийгилигиңер бизди да кубантат,— деп баштады сөзүн председатель.— Бирок... Председатель минтип айтканда бардыгы андан бир жаңылыкты күтчүдөй карап калышты.

— Ооба, бирок, кош айдоонун темпин тездетишибиз керек...

— Кош айдоо башталгандан бери карай графиктен озо эмгектенип жатабыз. Мындан ары да мыкты аракеттенебиз.

Председатель айткандай бул жердин бир «бирогу» болуп турат. Ал мындай: жер абдан нымдуу, сокону белгилүү өлчөмдөн кичине тереңдетип жиберсек тракторубуз тартпай калат, деди трактористтердин эң улуусу.

— Ии, ошондой дегилечи. Анда эмне кылышыбыз керек,— деди ары-бери ойлуу басып, председатель.— Балким, адис эмеспи, агрономдун оюн угуп көрбөйлүбү?

— Чындыгында жердин нымдуулугу жетиштүү. Бул сугатчылардын чоң салымы. Ал эми темпти тездеткенде жер белгилүү тереңдикте айдалбай калат.

— Анда эмесе, темпти ушул боюнча койсок дейсиңерби?

— Ушу боюнча эле болсун.

Бардыгы бир оооздон жооп беришти.

...Үрөндөр себилди. Мындан бир аз күндөн кийин эле мурда бопбоз болуп созулуп жаткан колхоз талаалары көк кементай кийгендей болду. Бардык аянттарга себилген арпа менен буудайлардын үрөндөрү тептекши кыр жаап өсүп чыкты.

Мындан аркы иштер дагы эле Зарылбекте жана анын жолдошторунда калды.

Жашыл массивдер сугатчылардын жан эрмектери болду. Сугат маалдары текке кетирилген жок. Арыктагы бир тамчы суу үчүн болгон күрөш жүрдү. Кулактар белгилүү жерлерден байланып, суулар жашыл массивдерди киринтти.Супурадай жайылып жаткан кенен талаалар кереметтүү жүзүн кубултуп, жыпар жыт төгүп, жашыл массив, дан эгиндери дыйкан эмгегинин асыл түшүмүн даңазалап жаткансыды.

* * *

Колхоздун механизациялык паркында жайдырксыштыр кызуу кыймыл өкүм сүрөт.

Анткени кышында да ызгардуу суукка карабай механизаторлор бардык болгон механизмдерди толук ремонттон өткөрүшөт. Ал эми жайында да ушундай аракет. Алтын күздүн тоодой түшүмдөрүн коромжусуз жыйноочу шаймандар даярдалат.

Механизаторлордун ишине кызыккан адамдар колхоздо өтө көп. Механизмдердин кыска убакыттын ичинде толук ремонттон өтүшү дыйкандар үчүн да өтө кымбат. Зарылбек да күн сайын болбосо да күн алыс мына ушул мехпаркка келип турат.

Аны менен бирге окуган курбуларынын көпчүлүгү «темир жүрөктүү» аргымактарды башкарган азаматтардан. Ал курбулары менен талаачылык иштерин жакшыртуу тууралуу кызыктуу аңгеме курат.

— Кийинки кездерде техниканы башкара билүүгө умтулушкан кыз-келиндердин саны көбөйүүдө,— дейт биз менен болгон аңгемесинде Зарылбек,— алсак, өзүбүздүн колхоздон чыккан биринчи тракфористкалар: Салкын Эсентаеванын, Гүлсыйна Дүйшөналиеванын, Жамыйла Кыдыралиеванын, Шарипа Кыдырованын, Сагын Султангазиеванын ысымдарын ким билбейт дейсиң!

Мол түшүм алуунун сырлары эмнеде экендигин жакшы түшүнүшкөн механизаторлорубуз техникаларды дайыма сапаттуу ремонттон өткөрүүнүн натыйжасында механизмдин талаада бузулуп калып, бекитилген иштин бүткөрүлбөй калганын ушул убакка чейин жолуктура элекмин.

* * *

Дыйкандардын тынымсыз эмгектери күн санап улана берди. Берекелүү алтын күз да күлө багып, баш бакты. «Тилин билсең, тилдей жерден жылдык үнөм

аларсың» деген сөздүн чындыгы бар экен. Натыйжада, аракет текке кеткен жок. Жыл биринин артынан экинчиси жадырап келген сайын ийгилик артынан ийгилик жаралды. Жер—Эне берекесин адам баласына тартуулай берди.

Алтын күздүн тоодой үйүлгөн түшүмдөрү жыйналып алынуунун артында болду. Акыркы жылы колхоз дан эгиндеринин ар гектарынан 30,3 центнерден түшүм өстүрүп, райондо гана эмес, Тянь-Шань өрөөнү боюнча мол түшүмдү жыйнап алууда алдыңкы орундардын бирине ээ болду.

Кочкор районундагы «Теңдик» колхозунун дыйкандарынын эмгектери эл оозуна алынып, ийгиликтери жогору бааланды. Кыргызстан КП Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл Туусу жана акчалай сыйлыгын алууга татыктуу болушту.

Мындай ийгиликтин жаралышына Зарылбек Майрыковдун аз да болсо салымы бар эле.

* * *

Бала кезинен балбан деп аталган Кадыркул менен Зарыл мелтиреген кенен жайык — «Бабада» жашыл көрпөлөнгөн буудайдын жана буурчактын кара сугатында жүргөн. Кайсы бир мезгилдерде Караго өрөөнүндө июнь айынын капортосунда тоо чокуларындагы мөңгүлөр ээрип, Кочкор суусу күрпүлдөп ташып, капчыгай боорлорун чапчып койгулап, күкүктөп кызгылт түспөлдө ылайланып агар эле. Бүгүн да суунун өңү кызгылт. Күндөгү келип жаткан бир кулак суу азыр эле арыкка батпай ашып-ташып калыптыр. Таң эртеңки бекемделип байланган кулакты суу жырып алып

кетти да Зарыл менен Кадыркулду бушайманга түшүрдү.

— 37 гектар буурчактын кара сугатынын аз гана жери калды эле. Көрчү, суунун ашып-ташып келгенин!

— Мен суу башына барып башка жакка буруп, бир аз азайтайын, Зарылбек.

— Мына бул суу талаалап бекер ага береби. Колхоздун картошкасын жайпап кетип, жерди желимдей катырып, чыгарбай коёт го. Андан көрө азыр байлай салалы.

Зарылбек ардактап урунган атадан калган кетменин ийнине сала, Кадыркулду ээрчитип, экинчи кулакка тез жетти да, резинка өтүгүн, шым, көйнөк, майкасын чечине салып дамбалчан болду.

— Бол батыраак, чийлүү чымдан даярда!

Алар кулакты байлаш үчүн чийлүү чымдардан бир аз даярдашты. Экинчи кулактын оозун ачышты. Суу буурчак аянтын көздөй бир аз шылдырап ага баштады.

— Атаганат, тактай болгондо эмне, чамынып аккан бул сууну заматтын ортосунда буурчакка бурбайт белек.

— Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Тигил «Ак талда» эки суу тоскуч тактай жатчу эле. Колу туткактар дүнүйөкорлонуп, көтөрүп кетишкен тура.

— Жошолонгон кызгылт суу арыктан аша ээ-жаа бербей агып жатат. Убакытты уттурбоону көздөгөн Зарылбек Кадыркулду шаштырды.

— Мен сууну денем менен бөгөп тосоюн, сен ылдамдык менен даяр чым, топурак менен кулакты байлай сал.

— Ой, бооруңа суу өтүп куруп кетесиң го.

— Эч нерсе эмес, көнүгүп калбадыкпы.

Зарылбек айтканындай кылды. Ал кетменин арык жээгине матыра чаап, аны колдору менен сүйөнө кармап, түрмөктөлүп аккан сууга капталынан олтура, бөгөт боло калды. А Кадыркул болсо чымдарды тездик менен шыпылдатып ыргытып жатты. Бир кезде Зарылдын өзүн да чым менен капталга уруп алды. Зарылбек ага муюшкан жок.

Кайрадан ал Кадыркулду жемелей шаштырды.

— Чым түгөнсө кыртыштуу жерден чаап сал. Менин сол капталым, сол бутум тарапка ыргыт!

Зарылбектин айтканы боюнча Кадыркулда тыным жок. Чарчаганынан күш-күш этип дем алат.

Ошентип арадан он мүнөт өтпөй кулак да бекем байланды. Зарылбек чамбылала болгон баткак денесин бир аз чайынып алды да, экинчи кулакты да суу алгыс кылып бекемдеп таш салып байлашты. Кечке маал «Баба» тарапка келүүчү суу өз калыбына түшүп, ээ-жаа бербей ташкындап акканы басаңдап калды. «Бабадагы» 90 гектар эгин, 37 гектар жердеги буурчактын кара сугаты ойдогудай сугарылды. Кийин дан сугаты да кандыра сугарылып, дыйканчылык натыйжа жаман болгон жок. 37 гектар буурчактын 6 гектары үрөн үчүн түшүмү алынып, гектарына 45 центнерден айланды. Ал эми чыктуу тоют үчүн (силос үчүн) 31 гектар аянттын ар биринен 230 центнерден айланды. Демек, Зарылбек план-милдеттенме боюнча гектарынан 150 центнерден чыктуу тоют бере турган болсо, ал ашыгы менен орундатты. Албетте, жогорку цифралар айтканга жеңил болгону менен далай түйшүктүү аракеттер, талаш-тартыштар, чымырканып иштөө, демилге, сугат иштерин ойдогудай жүргүзүү талап кылынды.

Эмгекке бышыккан, туурук колдорунан береке жайнаган жөнөкөй сугатчы Зарылдын жакшы көргөн

замандаш курбулары Жусупбек Жунусов, Кадыркул Акимканов, Акин Исаков, Кулжанбек Дүйшөбаев, колхоздун байлыгын арттырууда, анын фундаментин түзүүдө көп күч жумшаган Сатыбалды Тайсариев, Бейшенбай Акматов жана башкалар колхоздун дыйканчылык маданиятын көтөрүүдө өз каарман эмгектери менен дыйкан жаздарын сыймыкка бөлөп, чоң иштерди аткаргандыктарын, алардын кээ бирөөлөрү ак ниет эмгектери жагынан Зарылбектен үлгү алгандыгын жашырбай эле айтууга болот.

— Ой, Зарыл, 5 бөлмө жаркыраган тамыңды көрүп аябай кубанып калдым. Огородуңдагы алма, өрүктөрүң кадимки эле бейиш төрүн элестетет. Баарыдан да жаз айындагы жытычы...

Бирин-экин малың да жок эмес, оокатың жетиштүү. Жөнөкөй дыйканчылык кесип мени да кызыктырып жатат. Мен да сеникиндей турмушка жетишсем деймѣ!

Зарылдын курбусу Кулжанбек мындан бир нече жылдар илгери колхоздон кетип, шахтада иштеп жүргөндө ушундай кызыгуусу артылып, жөнөкөй дыйкандын маданияттуу турмушуна бөтөнчө ынтызар болуп өзүнчө ойлонгон эле.

— Курбум Кулжанбек, бакыт деген ар бир кесиптин өзүндө. Бир гана — ак ниеттүү эмгек, талыкпас аракет, бекем эрк керек. Эгер кааласаң айылга кел. Там сал, жемиш бактарын тигип мөмөңдү өстүр, малыңды бак, эң негизгиси — колхозго чоң күч бер. Анан бакыт, байлык деген өзү эле келет. Ишиң оңоло берет.

Кулжанбек акыры колхозго келди да курбусу айткандай кылды. Азыр ал алдыңкы дыйкан-колхозчулардан.

* * *

— Зарылбек, селолук Советке депутат болушуң менен!

— Ушуну менен төртүнчү жолу шайланышы!

— Кут болсун, жөнөкөй дыйкандын сыйлыгы жана сыймыгы!

Мындай алкоолор В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматындагы юбилейлик медаль жана бир чоң килем менен сыйланып жатканда туш-туштан жаады.

— Жолдоштор! — деди Зарылбек анда айланасын кыдырата карай, жүздөрү ого бетер тамылжып, кулагына жеткен муруттарын сылай, кырдач мурду тердеп,— мен мындан ары да колхоздун ар кандай чарбалык жумуштарына активдүү катышып, ак ниеттүүлүк менен эмгектене берем. 1971-жылы эгиндин ар гектарынан 42 центнерден дан, силос буурчактан 250 центнерден чыктуу тоют алууга убада беремин. Ошондой эле сугатчы-дыйкан жолдошторумду да алдыңкы катарда болуугa чакырып кетемин.

Чындыгында ал берген убадасынын өтөөсүнө чыга алды.

Ар дайым шайырлана сүйлөгөн, кээде тамашакөй, узун бойлуу, кызыл чийкил жигит колхоздун башкы бухгалтери Жаныбек Курманов чотун шака-шука кагып, анын айлык тапкан акысын, кошумча эмгектерин, өмүрлүк жары Жамыйланын тапкан айлыктарын эсептеп келип:

— Эмгектеги бермет тердин көөнөрбөс алтыны деген ушул! Жашоонун ырахаты, балкыган бакыты деген ушул! Айлыгы арбын, эмгек акысына алган эгини мол. Мындай күжүрмөн колхозчулардын, баба дыйкандардын чоң ийгилик урмат, алкоо менен алган эм-

гек акыларын эсептөө биздей бухгалтерлер үчүн сыймык, урмат — деп, толкундайт.

— Кошумча эмгек да алышабы?

— Ооба, кээде 500 сомдон да айланат. Ал эми башкаруучу болуп иштеген экономист иниси Маалытбектин тапканын кошкондо андан да көп. Эки бир тууганды оокаты бир. Бирине бири тирек-жөлөк ынтымактуу.

Жаныбектин мындай сөзү мени да толкутуп жиберди. Бир тууган үй-бүлөнүн бекем бетондой ынтымагына ичим жылып, жүрөгүм кубанды.

Зарыл селолук Советтин депутаты катары бир кыйла иштерге демилгечи болду. Талааларга авиацияны колдонуу менен жер семирткичтерди чачуу, буудайдын жаңы сорт үрөндөрүн табуу, айыл ичин жашылдандыруу, түнкү сугаттарды уюштуруу, мектеп иштерине көмөк берүү сыяктуу жумуштарга кийлигишпей койгон жок. Мындагы сергек аракеттер өз жемишин берди.

— Зарылбек жайкысын талаачылыкта иштеп, кыш күндөрү чээнге кирип жатмак беле. Мен кышкысын чарба жумуштарына минилчү аттарды асырап берейин. Бул да жоопту иш — деген, председатель Мөкүшкө.

Председатель анын демилгесин жактырган. Ошентип, Зарыл кышкысын зайыбы Жамыйла экөө жүзгө жакын ат бакты. Алар кыштан семиз чыгып 80 чабанга, бадачыларга, колхоздун кенже адистерине минилгич унаа катары тарады.

Зарылбек өз үйүнүн жанында сейилдеп олтурган эле. Аңгыча булчуңдары буржуйган, эр эңиш-күрөштөргө түшүп жүргөн, өз ишине ийкем шоферлердун

бири Төлөк Аситов «ЗИЛ» автомаркасындагы машинасы менен гараж тараптан чыгып, Зарылбектин үйүнүн жанына келип токтоду.

— Оо, Төлөк, келип калдыңбы. Ырас болбодубу.

Ал экөө короого кирип кап-кап болгон коргошун салмак буудайларды машинага салып жатышты.

— Талкан да куурдук эле. Балдар куруп кетти.

— Канча мешок?

— Үч мүшөк болот го. Теңи Маалытбектики эмеспи.

Айылдын орто ченинде Акматов Мусаш башкарган электр тегирмен бар эле. Ага ун бат эле салынды.

— Мынча, бир тоннадан ашык буудай унун эмне кыласыз, Зарылбек?

— Ага-туугандарыма, куда-сөөгүмө берем. Алар да дыйкан эмгегинин даамынан татсын!

Чын эле даалдаган ак көңүл, үйүндө береке жайнаган Зарылбек өз эмгегинин үзүрүнөн ага-туугандарына ар дайым каралашып, алардын да көңүлүн алып, «Иши оңолсун, Баба дыйкан колдосун!» деген тилектерин угуп турат.

* * *

Бир кездеги жөнөкөй сугатчы, дыйкандын уулу Зарылбек азыр үй-бүлөнүн ардактуу атасы. Өмүрлүк жары Жамыйла он баланын энеси. «Теңдик» орто мектебинде ата-энелер комитетинин мүчөсү болуп шайланган. Улуу баласы Бейшембек өзүнүн айлында тракторист, андан кийинкиси Токтобүбү узун өмүр үчүн, ден-соолук үчүн күрөшүүнү максат кылып, медициналык училищадан билим алууда. Таалайгүл 8-класстын алдыңкы окуучусу. Ширинбүбү 6-класста, Чынарбек 4-класста, Чынаргүл 1-класстан билим алууда.

Ал эми Пахтагүл, Муратбек, Союзбек, Адылбектер үйдө ата-энесинин колунда. Кээде алар атасын жомок айтып бер дешип тегеректеп күлүп жаадырашат.

Анда атасы жумуштан чаалыгып келгенин унут кылып дыйкан эмгеги жөнүндө «Ак буудай»[1] аттуу жомокту үнүн түрлөнтүп коోздоп, кызыктуу кылып баштайт. Ал мындайча:

«... Илгери бир заманда ак буудай жапайы түрдө өсчү экен балдарым. Бир жылы жай мезгилинде өтө кургакчылык болот. Күндүн ысык аптабынан, жаан чачындын аздыгынан бардык өсүмдүктөр жабыр тарта баштайт. Тиричилик үчүн жан талашкан бардык өсүмдүктөр Ак буудайдын ойдогудай өсүшүнө бөгөт болуп катуу кысымга алышат.

Тамыры тереңге кеткен өсүмдүктөр буудай өскөн жердин суусун тартып алышат. Катуу сөңгөктүүлөрү жашылданып өскөн буудайдын жалбырактарын калбырдай тешкилейт. Кайсы бир арбагай бутактуу жалбырактар күн көзүн көргөзбөй калкалап, ак буудайды жарык шооладан ажыратууга аракеттенет.

Мына ошентип ак буудайдын ал абалы күн өткөн сайын начарлап, шайманы кете баштайт. Акыры ал саргайып, өңү өчүп, бул дүйнөдөн коштошуп өлүүгө мажбур болот. Айласы кеткен ак буудай ары-бери жүрүп-жортуп өткөн жандыктардан жардам сурай баштайт.

Асман тарапта шаңданып учкан куштарга жалынып-жалбарып, алардын мээримдүү кол кабышын сурайт. Бирок ак буудайдын өтүнүчүнө эч ким кулак салбайт. Кайрадан кайсы бир жемге тойбогон ач көз куштар байкуш буудайдын алиге толук жетилбеген

---

[1] «Ак буудай» жазуучу Ө. Канахиндин аңгемеси. Аны Зарылбек жатка үйрөнүп алган.

жалбырактарын чокулап жеп, айласын кетирет. Далай кордуктарды, жабырчылыкты көрөт.

... «Эми өлдүм го...» деген мезгилде ак буудайга калкан-садак асынган, колунда найзасы бар, мергенчилик кылып ой-тоону артып келаткан адам туш болот.

Буудай байкуш көз жашын көлдөтүп, алиги мергенчи адамга сезимндеги бар муңун баяндап, ичтеги сырларын баштан аяк айтып берет.

Адам бир аз ойлонуп туруп, акырында анын өтүнүчүн чыныгы жүрөктөн кабыл алат. Саадагын жерге коюп, чоң шамшарын колго алып ишке кирише баштайт. Ак буудайдын айланасындагы бардык зыяндуу чөптөрдү отоп, тып-тыйпыл кылат. Буудайга залалын келтирип жаткан арам чөптүн тамырларынын бардыгын болоттой курч шамшар менен сыртка омкоруп таштайт. Мындан соң агып жаткан тунук булакка барып, такыясын толтуруп суу алып келет.

Алсырап калган ак буудай мөлтүр сууга каныгып, туш-тушунан камалган жоодон кутулган соң, боюн түзөп, кулпуруп өсө баштайт.

Адам анда-санда келип, кетип, ак буудайга камкордук кылып, аны оюнан эч чыгарбайт. Кесепети тийүүчү зыяндуу чөптөрдү тамыры менен жулуп, жолотпой, мезгил-мезгил менен сугарып көсөмөлдөөгө алат.

Зарылбектин жомогуна кызыккан уулдарынын бири Чынарбек:

— Анан дагы эмне болду? — деп сурайт.

Зарылбек жомогун андан ары улайт.

— Арадан күндөр өткөн сайын буудай жанданып өсүп, күзгө караганда кызарып бышат. Барсайган аппак дандарынын бирөөнү да коромжуга учуратпай, бардыгын эмгек кылган адамга тартуулайт.

Адам алиги сыйга алган буудай дандарын бир күз, бир кыш ардактап сактайт. Жазгы көктөм келгенде кеңешип туруп, үйүнүн жанындагы этектей жерди коңторуп, ага алиги буудайдын дандарын түгөл сээп коёт. Бүткүл жай бою ардактап багып, отоо чөптөрдү жолотпой, убактысы менен сугарып, бапестеп багат.

Акырында адам эмгеги сая кетпей, күз болгондо бир баштык буудай түшүмүн алат. Келерки жылы — бир кап, андан кийин он кап, соңку жылында миң кап, койчу, бара-бара адамзат ак буудайды бир нече миллион каптап алып, түшүм көбөйө берет.

— Оомийн, ошентип, кампаларда ак буудай батпай калды дечи — дейт Пахтагүл оозун чормойто таң калгандай.

— Ооба, ошентти.

— Жомогуңузду дагы уласаңыз... деп чуулдайт кенжелери.

Анда Зарылбек жомогун улай баштайт да төмөнкүдөй бүткөрөт:

— Ошентип, адам баласынын ак буудайга болгон эмгектик камкордугу илгерки өткөн замандарда эле ушундайча башталган экен.

«Адам тиричиликтин тиреги» деп нанды кандай кадырласа, ак буудай өзүнө камкорчу болгон адам алдында карыздар калбайт. Жыл өткөн сайын бир да данын жерге калтырбай, түшүмүн арттырып, биздин алтын байлыгыбызга айланат...»

— Мен чоңойгондо буудай эгип, комбайн менен чабам, түшүмүн мол алам, ата — дейт, кичинекей Пахтагүл.

— Тилегиңе жет, айланайын, аман жүр! — дейт атасы кичинекейинин тилегине көңүлү жибип.

* * *

Өткөн жылдардын бириндe Фрунзе шаарынын «Зеленостроюнан» Зарылдын иниси Маалытбекке жолугуп калдым. Ал бой тарткан жигит, сүйлөгөн сөздөрү да тың. Майып буту кадимкидей айыгып, кыргыз университетинин экономика факультетин бүтүргөн. Ал-жайды сураша келип, колундагы эки алчанын, үч абрикостун, беш алманын көчөтүн эмне кыларын сурап калдым.

— Бул көчөттөрдү айылга алып барамын. Биздин аксакал (ал Зарылбек агасын ар дайым урматтап ушундайча атайт) атайын ала келсең деп айткан. Ал кишинин дарак менен, дыйканчылык менен жаны бир эмеспи. Ала барбасак аябай таарынат — деген эле.

...Мына мен бүгүн Зарылдын огородундамын. Ал зайыбы Жамыйла, келини Шаршекан болуп алма түшүмүн жыйып жатышыптыр. Бадырайган кызгылт алмалардын жыты мурунду өрдөп, дыйкан эмгегинин, дыйкан жазынын ырахатын көз алдыга келтирет. Зарылбектин мээнеткеч, жер досу экендигин таасындайт.

— Баягы жылдарда Маалытбек иниңиз Фрунзеден алып келген көчөттөрдүн тагдыры кандай болду?

— Бардыгы өнүп чыкты. Аларды Маалытбек инимдин тигил заңгыраган 5 бөлмө тамынын алдына олтургузганбыз. Эки жылдан бери мөмө берип жатат.

Зарылбек күлүмсүрөй, өз турмушуна, өз кесибине, дыйканчылык өнөрүнө ыраазы болуу сезими менен жооп берип жатты.

— Быйылкы дыйканчылык ийгиликтериңиз кандай боло турган?

— Менимче быйыл да мол түшүмдөрдүн ээси болом го деген үмүттөмүн. Анткени, мен күткөн жаркын жаз—дыйкан жазы жакшы башталды.